# МУНИЦИПАЛИТЕТ

ИЛИМИЙ-ПОПУЛЯРДУУ ЖУРНАЛ | ОКТЯБРЬ 2020 | № 10 (108) чыгарылышы

Муниципалитет – бул аймактын, ал жерде жашаган калктын жана ЖӨБ органдарынын үчилтиги

## БУЛ САНДА:

### Көңүл чордонунда

ЖӨБ Союзу COVID-19дун жайылышына байланыштуу кырдаал тууралуу жарандардын жана ЖӨБ органдарынын суроолоруна жооп берет .... 2

### ЖӨБдүн эл аралык тажрыйбасы

Кыргыз Республикасында Европанын Жергиликтүү өз алдынча башкаруу хартиясына кошулган алгачкы европалык эмес мамлекет болуу мүмкүнчүлүгү барбы? .... 7

- Кыргыз Республикасы Европанын ЖӨБ Хартиясына эмне үчүн кошулуп жатат?
- Европанын ЖӨБ Хартиясына кошулууга Кыргыз Республикасында техникалык мүмкүнчүлүк барбы?
- Европанын ЖӨБ Хартиясы жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү саясатын аныктоодо Кыргызстандын эркиндигин чектеп койбойбу?
- Кыргыз Республикасы Европанын ЖӨБ Хартиясынын талаптарына жооп береби?

### Мамлекеттик социалдык заказ

ЖӨБ органдарына мамлекеттик социалдык заказ эмне үчүн керек? .... 13

- МСЗны колдонуудан түшчү пайданын классификациясы
- КРда мамлекеттик социалдык заказды колдонууда башкаруучулук өнүттөгү таасири
- КРда мамлекеттик социалдык заказды колдонууда социалдык өнүттөгү таасири
- КРда мамлекеттик социалдык заказды колдонууда экономикалык өнүттөгү таасири

### Мыйзамдардагы жаңылыктар

Балдарга жана жаштарга ыңгайлуу шаар тууралуу .... 21

Квалификацияны жогорулатуу тууралуу .... 22

Энергиянын кайра жаралуучу булактары тууралуу .... 24

Коррупцияга каршы аракеттенүү тууралуу .... 24

### Өнүктүрүү саясат институтунун жаңылыктары

Бишкек мэриясы жана "Өнүктүрүү саясат институту" коомдук бирикмеси (ӨСИ) да Глобалдык өнөктөштүккө кошулуп, Ачык өкмөт өнөктөштүгүнүн (OGP) жаңы мүчөлөрү болуп калышты .... 26

Швейцария калдыктарды жок кылуу жана суу менен жабдуу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирүүчүлөрдүн банкроттугун алдын алууга жардам берип жатат .... 26

Кызыл-Адырдагы (Талас облусу) жаштардын инновациялык лабораториясы .... 27

Кызыл-Кыядагы (Баткен облусу) жаштардын инновациялык лабораториясы .... 28

Негиздөөчү жана басып чыгаруучу
***Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ)***

Башкы редактор, ӨСИ башкаруучу төрайымы
***Надежда Добрецова***

Аткаруучу редактор
***Нургүл Жаманкулова***

Кыргыз тилиндеги котормонун редактору
***Нургүл Жаманкулова***
Дизайн жана жасалгалоо
***Адил Абдраимов***

Кыргыз тилине которгон
***Зейнеп Алтымышова***
Журнал автордук макалаларды кабыл алат жана муниципалитеттерге даректелген акысыз жарнактарды жайгаштырат.
**Журнал акысыз таркатылат,** бирок ӨСИ акы төлөп жазылууну уюштуруу укугуна ээ.
Журналдагы макалалар басып чыгаруучу тараптын жана анын өнөктөштөрүнүн көз карашын сөзсүз эле чагылдырбайт.
Макаланын мазмуну үчүн жоопкерчилик авторлорго жүктөлөт.

**Бардык суроолор боюнча төмөнкү даректер аркылуу кайрылыңыздар:**
**почта** – Кыргыз Республикасы, 720001, Бишкек шаары, Шевченко көчөсү, №114, Өнүктүрүү саясат институту, «Муниципалитет» журналынын редакциясы;
**электрондук** – office@dpi.kg
nadya.dobretsova@gmail.com

**Телефондор:** (0312) 97-65-30 (31, 32, 33, 34)
**Факс:** (0312) 97-65-29

Журналда Өнүктүрүү саясат институтунун кызматкерлери тарткан жана Интернеттен алынган сүрөттөр пайдаланылды.

Массалык маалымат каражаттарын каттоо жөнүндө күбөлүктүн каттоо номери 1785.

**ISBN 1694-7053**

# ЖӨБ Союзу COVID-19дун жайылышына байланыштуу кырдаал тууралуу жарандардын жана ЖӨБ органдарынын суроолоруна жооп берет




***COVID-19 эпидемиясы менен күрөштө дарыгерлер жана милиция кызматкерлери менен кошо алдыңкы катарда ЖӨБ органдары да болду. Алар көп учурда кырдаалды көзөмөлдөп, илдеттин андан ары жайылышына жол бербөө боюнча чараларды көрүштү. Башкалардай эле муниципалдык кызматчылар да бул тапшырманы аткарууга даяр эмес болчу. Көп нерсени жеринде жөнгө салып, "нөлдөн" баштоого туура келди. ЖӨБ Союзу[1] ЖӨБ органдары кырдаалды кантип жөнгө салып жатканына, кандай кыйынчылыктарга туш болуп, кандай чараларды көрүп жатканына туруктуу мониторинг жүргүзүп келатат. Бирок мониторингдин максаты – кырдаалдан чыгуу үчүн жардам берип гана тим болбостон, ошону менен бирге ЖӨБ органдарына эң татаал суроолорго жооп табууга жардам берүү. Төмөндө ЖӨБ Союзу кызыкдар жарандарга жана ЖӨБ органдарына COVID-19дун жайылышынан улам киргизилген өзгөчө кырдаал жана өзгөчө абал шарттарына байланышкан көп берилген суроолорго жооп узатат.***

[1] Жумуштар "COVID-19 маалында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, аткаруу бийлигинин аймактык жана борбордук органдары жана жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү ортосундагы маалыматтык-укуктук өз ара байланышты жакшыртуунун" жана "Кыргыз Республикасындагы FHI 360 филиалы" менен КР ЖӨБ Союзу ортосунда түзүлгөн Макулдашуунун алкагында жүрүп жатат. Бул иштерди USAIDдин "Жигердүү жарандар" Долбоору каржылайт.

# Дүйнөлүк саламаттык сактоо уюму COVID-19ду пандемия деп жарыялагандан кийин киргизилген өзгөчө кырдаал режими маалында жарандардын укуктары жана милдеттери кандай болот?

"Жарандык коргонуу жөнүндө" КР Мыйзамынын 12-беренесинде Кыргыз Республикасынын калкынын Жарандык коргонуу жаатындагы укуктары жана милдеттери белгиленген. Кыргыз Республикасынын калкы төмөнкүдөй укуктарга ээ:

1) өзгөчө кырдаал келип чыккан учурда өмүрүн, саламаттыгын жана жеке мүлкүн сактоого;

2) өзгөчө кырдаалдар зоналарында жүргөн учурда акысыз медициналык тейленүүгө жана дарылануууга;

3) жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана уюмдардын Жарандык коргонуу иш-чараларын аткарууга багытталган мүлкүн пайдаланууга;

4) ыктыярдуу (коомдук) куткаруучу түзүлүштөрүнүн курамына кирүүгө;

5) Кыргыз Республикасынын аймагындагы белгилүү бир жерлерде калктын кабылышы мүмкүн болгон тобокелдиктер жана зарыл коопсуздук чаралары жөнүндө маалымдалууга;

6) Жарандык коргонуу иш-чараларына катышууга.

Өзгөчө кырдаалдын кесепеттерин жоюуга түздөн-түз катышкан калкка өзгөчө кырдаал зоналарындагы жумуштары үчүн компенсацияларды жана жеңилдиктерди алууга белгиленген тартипте укук берилет. Кыргыз Республикасынын калкына компенсацияларды жана жеңилдиктерди берүү тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленет.

Кыргыз Республикасынын калкы төмөнкүлөргө милдеттүү:

1) өзгөчө кырдаал коркунучу учурунда өзүнүн коопсуздугун камсыз кылуу боюнча күн мурунтан чара көрүүгө;

2) күндөлүк иште коопсуздук чараларын сактоого, өзгөчө кырдаалдын келип чыгышына алып келүүчү бузууларга жол бербөөгө;

3) калкты жана аймактарды өзгөчө кырдаалдан коргоо ыкмаларын, алгачкы медициналык жардам көрсөтүү ыктарын, коргонуунун жамааттык жана жеке каражаттарын пайдалануу эрежелерин үйрөнүүгө;

4) өзгөчө кырдаалдардын алдын алууда жана кесепеттерин жоюуда мамлекеттик бийлик органдарына жана уюмдарга көмөк көрсөтүүгө;

5) Жарандык коргонуунун тиешелүү башкаруу органдарына өзгөчө кырдаалдардын коркунучу же келип чыгышы тууралуу маалымдоого.

# Өзгөчө кырдаалды, санитардык-эпидемиологиялык талаптарды (беткап тагынуу, социалдык аралыкты сактоо ж.б.) бузган адам кандай жоопкерчиликке тартылат?

Мыйзамдарга өзгөчө кырдаал (ӨК) жана өзгөчө абал (ӨА) маалында жоопкерчиликти катаалдаштырган түзөтүүлөр киргизилген. Алардын бири "Айрым мыйзам актыларына (Жазык кодексине, Жоруктар жөнүндө кодекске, Бузуулар жөнүндө кодекске) өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" КР Мыйзамы.

Мыйзамдарда ӨК режими күчүнө кирген жана иштеп жаткан маалда мыйзам бузуу үчүн төмөнкүдөй жоопкерчилик каралган.

Өзгөчө кырдаал жарыяланган аймактарда укук тартибин бузууга багытталган аракеттер, же болбосо анык эмес маалыматтарды жайылтуу жолу менен коомдук тартипти жана жеке адамдардын тынчтыгын бузган аракеттер үчүн айып пул салынат: жеке жактар үчүн – 5500 сом жана юридикалык жактар үчүн – 17 000 сом (Бузуулар жөнүндө кодекстин 82-2-беренеси). Бул мыйзам бузууларды ички иштер чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган карайт.

Коомдук саламаттык сактоо жаатындагы техникалык регламенттердин, санитардык эрежелердин, гигиеналык ченемдердин жана башка ченемдик укуктук актылардын талаптарын бузуу үчүн айып-

тын категориясына жараша 1 миң сомдон 23 миң сомго чейинки айып каралган (КР Бузуулар жөнүндө кодекстин 150-беренеси). Бул мыйзам бузууларды саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган карайт.

Ыйгарым укуктуу органдын мыйзамдуу чечимдерин, аныктамаларын, тескемелерин же талаптарын аткарбай коюу же ойдогудай аткарбоо үчүн 3 миң сомдон 13 миң сомго чейинки айып каралган (КР Бузуулар жөнүндө кодекстин 150-беренеси). Ушул берене менен каралган бузуулар жөнүндө иштерди кайсы органдын мыйзамдуу чечимдери, аныктамалары, тескемелери же талаптары аткарылбаса же аларды аткарууга жолтоо болсо тийиштүү ыйгарым укуктуу органдар (Бузуулар жөнүндө кодексте көрсөтүлгөндөр) карап чыгышат.

Өзгөчө кырдаал режиминин талаптарын бузуу үчүн 20 миң сомдон 30 миң сомго чейинки айып каралган; же 3 айдан 6 айга чейин эркиндигинен ажыратуу каралган; же болбосо 30 сааттан 40 саатка чейинки узактыктагы коомдук жумуштарга тартуу жазасы каралган (Жоруктар жөнүндө кодекстин 119-1-беренесинин 1-бөлүгү). Бул жорук үчүн жазаны сот аныктайт.

Санитардык-эпидемиологиялык эрежелерди атайылап же абайлабай бузуу, эгерде бул абайлабагандан ден соолукка анча оор эмес зыян келтирсе белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же белгилүү бир ишти жүргүзүү укугунан ажыратуу менен II категориядагы айып пул (30 миңден 60 миң сомго чейин) түрүндөгү жазага алып келет (Жоруктар жөнүндө кодекстин 127-беренеси). Бул жорук үчүн жазаны сот аныктайт.

Өзгөчө кырдаал режиминин шарттарында чектөө иш-чараларынын (карантиндин) талаптарын (эрежелерин) бузуу үчүн, Жоруктар жөнүндө кодекстин 127-1-беренесине ылайык, 20 миң сомдон 30 миң сомго чейинки жаза каралган. Бул жорук үчүн жазаны сот аныктайт.

Өзгөчө кырдаал режимин киргизүү мезгилинде жасалган, адамдардын массалык дартка чалдыгуусу жана ууланууcу коркунучун келтирүү менен коштолгон санитардык-эпидемиологиялык эрежелерди атайлап бузуу үчүн Жазык кодексинин 280-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, II категориядагы эркиндигинен ажыратуу каралган (2,5 жылдан 5 жылга чейин). Бул кылмыш үчүн жазаны сот аныктайт.

# Өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана кесепеттерин жоюу боюнча иш-чараларды өткөрүүгө финансы каражаттарынын так көлөмүн жергиликтүү бюджетте караштыруу мүмкүнбү?

"Жарандык коргонуу жөнүндө" КР Мыйзамынын 10-беренесинин 2-бөлүгүнүн 13-пунктуна ылайык, ЖӨБ органдары жарандык коргонуу боюнча иш-чараларды жүргүзүүгө финансылык каражаттарды жергиликтүү бюджетте караштырууга жана бөлүп берүүгө милдеттүү.

Ошол эле маалда КР Бюджеттик кодексинин 24-беренесинин ченемдерине ылайык, ЖӨБдүн аткаруучу органдарына учурдагы бюджеттик жылда кечиктирилгис каржылоону талап кылган күтүлбөгөн чыгашаларды каржылоо үчүн жергиликтүү бюджеттердин курамында резервдик фонд түзүүгө мүмкүнчүлүк берилген. Резерв жергиликтүү бюджетке ЖӨБ органынын өздүк кирешелерден учурдагы түшүүлөрдүн эсебинен түзүлөт. Жергиликтүү бюджеттин резервдик фондунун өлчөмү тиешелүү жергиликтүү бюджеттин чыгашаларынын көлөмүнүн 1 пайызынан ашык эмес болуусу керек (бюджеттин резервинин каражаттарын жана аткаруу бийлик органдарынын акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрүнүн суммаларын эсепке албаганда). Мындан тышкары жергиликтүү бюджеттердин резервдик фонддорун пайдалануунун багыттары жана көлөмдөрү жөнүндө чечим ЖӨБдүн аткаруучу органы тарабынан КР Бюджеттик кодексинин жоболоруна ылайык кабыл алынат.

"Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" КР Мыйзамынын 18-беренесинде "өзгөчө кырдаалдардын алдын алууга жана кесепеттерин жоюуга көмөктөшүү" жергиликтүү маанидеги маселелердин бири катары аныкталган.

Ошондуктан жооп – ооба, ЖӨБ органдары жарандык коргоо боюнча иш-чараларды каржылоого жергиликтүү бюджетте каражатты караштыра алышат.

Ошол эле маалда кайсы иш-чараларга жергиликтүү бюджеттен каражат бөлүнүшү керек деген суроо ачык бойдон калууда. "Жарандык коргоо жөнүндө" КР Мыйзамынын ченемдерине жана КР Өкмөтүнүн 2018-жылдын 22-ноябрындагы №550 "Кыргыз Республикасында өзгөчө кырдаалдардын классификациясын жана аларды баалоонун критерийлерин бекитүү жөнүндө" токтомуна ылайык, жарандык коргоо системасы, анын ичин-

де атайын превентивдүү жана жоюу иш-чаралары алардын классификациясына жараша аныкталууга тийиш. Мында өзгөчө кырдаал жаралуу коркунучун азайтууга, өзгөчө кырдаалдын кесепеттерин жоюуга ыкчам реакция жасоого багытталган атайын превентивдүү жана жоюу иш-чараларын өткөрүү үчүн жоопту органдар белгиленген (башкача айтканда, өзгөчө кырдаалдын тийиштүү деңгээлине жана алардын оордук даражасына жараша). Бирок конкреттүү органдар үчүн конкреттүү иш-чаралар белгиленген эмес. Тынч жана өзгөчө абал учурунда бул процесске тартылган органдардын арасында атайын превентивдүү жана жоюу иш-чараларынын түрлөрүн, аларды өткөрүү тартибин (эрежелерди, механизмдерди, аспаптарды, аткаруу мөөнөттөрүн ж.б.) аныктап алуу зарыл.

## ӨК/ӨА режими маалында айылдык аймактын территориясына кирип-чыгуу режимин, ошондой эле өткөрмө бекеттерин ким жана кантип орнотууга ыйгарым укуктуу?

Өзгөчө кырдаал жарыяланган маалда (КР Коопсуздук кеңешинин сунушуна ылайык, КР Өкмөтүнүн чечими менен 2020-жылдын 22-мартында Кыргызстанда өзгөчө кырдаал (ӨК) режими киргизилген) калктуу конуштардын (айылдардын, райондордун) аймагына кирип-чыгууда атайын уруксат барагы боюнча талаптар коюлган эмес. Калктуу конуштар арасында атайын машинелерге (таштанды чыгаруучу, инкассатор машинелери) жана жүк ташуучу, транзиттик унааларга, азыктүлүктү, жалпы керктөөчү товарларды, дары-дармектерди жана өтө зарыл буюмдарды жеткирген транспортко уруксат берилип, алар блокпосттордон тоскоолдуксуз өткөрүлүп турганын белгилей кетүү зарыл. ӨК маалында бардык өзгөчө учурларды ЖӨБ органдарынын жарандык коргонуу штабдары жеке тартипте карап чыгышкан. “Өзгөчө абал жөнүндө” КР Мыйзамына ылайык, кайсы аймакта өзгөчө абал киргизилсе, ошол аймактын коменданты кирип-чыгууга өзгөчө режим орното алат. Мисалы, Бишкек шаарынын аймагына кирип-чыгууга атайын уруксат барагы менен мүмкүн болду. Бул уруксат барагы өткөрмө бекеттерде көрсөтүлүш керек болчу (уруксат барагы – бул аймактын коменданты берген бир жолку же убактылуу документ, ал өзгөчө абал киргизилген аймактын чек арасынан өтүүгө жана ал жактан чыгууга, ары-бери каттоого укук берет). Бирок ӨК режимин киргизүү маселелери боюнча колдонуудагы мыйзамдар менен өткөрмө бекеттерди орнотуунун эрежелери жана критерийлери, мында ЖӨБ органдарынын ролу көрсөтүлгөн эмес.

## Үй-бүлөлүк майрамдарды, үлпөт тойду жана башка иш-чараларды өткөрүү үчүн кандай жоопкерчилик каралган?

Бул суроого жооп ушундай иш-чараны өткөргөндөн кийин анын кесепеттери кандай болгонуна жараша болот. Эгерде эч ким оорубаса жана ооруну жуктурбаса, анда коомдук саламаттык сактоо жаатындагы техникалык регламенттердин, санитардык эрежелердин, гигиеналык ченемдердин жана башка ченемдик укуктук актылардын талаптарын бузуу үчүн айыптын категориясына жараша 1 миң сомдон 23 миң сомго чейинки айып каралган (КР Бузуулар жөнүндө кодекстин 150-беренеси). Бул мыйзам бузууларды саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган карайт.

Бирок иш-чаранын жыйынтыгында илдеттин жайылышына жол берилсе, анда күнөөлүү кылмыш жоопкерчилигине да тартылышы мүмкүн. Өзгөчө кырдаал режимин киргизүү мезгилинде жасалган, адамдардын массалык дартка чалдыгуусу жана ууланусу коркунучун келтирүү менен коштолгон санитардык-эпидемиологиялык эрежелерди атайлап бузуу үчүн Жазык кодексинин 280-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, II категориядагы эркиндигинен ажыратуу каралган (2,5 жылдан 5 жылга чейин).

Толугураак маалыматты жогору жактагы суроого берилген жооптон таба аласыз.

# Обочолонуу, өзүн карантинге алуу жана социалдык аралыкты сактоонун ортосунда кандай айырма бар?

Обочолонуу жана өзүн карантинге алуу – бул бирдей эле көрүнүш, мында башка адамдар менен байланыштар чектелет. Айталы, карантин – оорунун белгилерин алып жүрбөгөн, бирок COVID-19ду жуктурган адамдар менен байланышта болгон адамдардын ишин чектөө же аларды изоляцияда кармоо. Обочолонуу – оорунун андан ары жайылышын болтурбоо үчүн COVID-19дун белгилери бар оорулуулар менен байланышты чектөө. Социалдык аралыкты сактоо – айланадагы адамдар менен коопсуз аралыкты сактоо дегенди билдирет. Дүйнөлүк саламаттык сактоо уюму башкалардан 1,5 метр аралыкты кармоону сунуш кылат. Адам COVID-19 менен ооруйбу же ооругандар менен байланышта болдубу – буга карабастан ар бир адам бул эрежени сакташы керек.

# Карантин шартында жарандардын бюджеттик процесске катышуусун кантип камсыздаса болот?

КР Бюджеттик кодексинде өзгөчө кырдаал маалында бюджеттик процессти аткаруу механизмдери каралган эмес.

Бюджеттик кодексте Кыргыз Республикасынын аймагында өзгөчө же аскердик абал киргизилген маалда өзгөчө бюджетти кабыл алуу механизми белгиленген. Ошондой эле КР Мамлекеттик бюджеттик резервинде каражат жетишсиз болгон учурда бюджет тууралуу ченемдик укуктук актыга өзгөртүүлөрдү киргизүү жолу каралган. Ошол эле маалда республика боюнча же өзүнчө административдик аймакта өзгөчө кырдаал киргизилген учурда жергиликтүү бюджетти кабыл алуунун механизмдери жана жол-жоболору тууралуу айтылган эмес. Анын ичинде аралыктан иштөө режиминде коомдук бюджеттик угууларды өткөрүү тартиби да жөнгө салынган эмес.

Буга карабастан ЖӨБ органдарында электрондук байланыш каражаттары (социалдык тармактар, мессенджерлер) аркылуу жарандарды бюджеттин долбоору тууралуу маалымдоо, ушул эле жол менен кайтарым байланышты алуу мүмкүнчүлүгү бар. Жакын арада ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган – КР Финансы министрлиги бул процесске талаптарды орнотуп чыгат деп күтүлүүдө.



# Кыргыз Республикасында Европанын Жергиликтүү өз алдынча башкаруу хартиясына кошулган алгачкы европалык эмес мамлекет болуу мүмкүнчүлүгү барбы?



***Нургүл ЖАМАНКУЛОВА***
ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун буйрутмасы менен
жана Өнүктүрүү саясат институтунун материалдары боюнча даярдалды

***2020-жылдын 15-октябрында Европанын Жергиликтүү өз алдынча башкаруу хартиясы[1] 35 жылдык маарекесин белгиледи. Хартияга 1985-жылы 15-октябрда Страсбургда Европа Кеңешине мүчө мамлекеттер кол коюп, 1988-жылы 1-сентябрда мыйзамдык күчүнө кирген.***

***Хартиянын максаты – жарандарга баарынан жакын жана алардын күнүмдүк турмушундагы шарттарга тиешелүү чечимдерди кабыл алууга катышуу***

[1] **Европанын Жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун хартиясы** 1985-жылы Европа Кеңешинин жергиликтүү жана регионалдык бийликтери тарабынан кабыл алынган жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишиндеги негизги принциптерди аныктаган эң маанилүү көп тараптуу документ болуп саналат. Булак: https://ru.wikipedia.org/wiki/Европейская_хартия_местного_самоуправления

***мүмкүнчүлүгүн берген жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын укуктарын камсыз кылуу жана коргоо. Бул документтин авторлорунун ниети боюнча, Хартия Европа Кеңешинин негизги принциптерин реалдуу мазмунга толтурушу керек болчу: Европада демократиялык аңсезимди колдоо жана адам укуктарын бул сөздүн кеңири маанисинде коргоо. Хартиянын негизги багыты – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын автономиясынын даражасы чыныгы демократиянын негизги критерийи болгонун көрсөтүү[1].***

***Хартияга кол койгон өлкөлөрдүн катарында Европа Биримдигине мүчө мамлекеттер гана эмес, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу принциптерин карманган Орусия Федерациясы, Грузия, Армения, Азербайжан, Молдова жана Украина өңдүү өлкөлөр да бар. Жогорудагы тизмеден көрүнүп тургандай, бул өлкөлөрдө башкаруу формасы – президенттик, парламенттик же аралаш, ошондой эле мамлекеттин түзүлүшү – федеративдик же унитардык. Бирок бул жагдайлар Хартияга кошулуу тууралуу чечимге таасирин тийгизбейт. Өлкө жергиликтүү жамааттардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга укугун тааныйбы – мына ушул гана маанилүү.***

***Буга байланыштуу бир нече суроолор жаралат: Конституциясында бул укук белгиленген Борбор Азиядагы жалгыз мамлекет катары Кыргыз Республикасы Хартияга кошула алабы? Республика Хартияга кол койгон мамлекеттердин талаптарына жооп бере алабы? Хартия жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү саясатын аныктоодо Кыргызстандын эркиндигин чектеп койбойбу? Бул техникалык жактан мүмкүнбү? Бул үчүн эмнелерди жасаш керек? Бул суроолорго жоопторду кийинки макаладан окуй аласыз. Ал эми макала акыркы суроого жооптон башталат.***

1 http://www.glazychev.ru/bibliography/eu_khartia_mestn_samuuprav.htm#1

## Эмне себептен Кыргыз Республикасы Европанын ЖӨБ Хартиясына кошулса болот?

Биринчи жолу бул маселе коомдук мейкиндикте 2018-жылы "Кыргыз Республикасынын аймактарын комплекстүү өнүктүрүүдө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ролу" аттуу Форумда талкууланган[1]. Форумга КР Жогорку Кеңеши, КР Өкмөтү жана КР ЖӨБ органдары катышкан болчу. Форумда Европа Кеңешинин жергиликтүү жана регионалдык бийликтеринин Конгрессинин атынан Европа Хартиясы боюнча эл аралык эксперт Келменд ЗАЯЗИ баяндама жасаган. Эксперт өлкөлөр кандай негизги себептер боюнча Хартияга кошуларын санап берген.

Аймактарды өнүктүрүү саясатынын алкагында Хартияга кошулуу менен КР Жогорку Кеңеши жана Өкмөтү эл аралык коомчулукка маанилүү белги бергендей болот: өлкө эң жогорку эл аралык стандарттар боюнча аймактарды жана жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл бурууда.

Хартия финансы каражаттарынын булагы болуп саналбайт, бирок Хартияга кошулган мамлекет Хартиянын принциптерин карманган өлкөлөрдөн аймактарды жана жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү маселелери боюнча жаңы техникалык жардам алышы мүмкүн.

Европанын Жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун Хартиясы эл аралык келишим болуп саналат, бул келишимде жергиликтүү өз алдынча башкаруунун принциптери жана стандарттары аныкталган. Көпчүлүк мамлекеттер Хартияны жергиликтүү демократиянын негизи катары таанышкан. Хартия өкмөттөргө ЖӨБдү реформалоонун планын иштеп чыгууга, ички мыйзамдарында бекитүүгө, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын саясий, административдик жана финансылык эркиндигин кепилдеген юридикалык ченемдерди практикада колдонууга жардам берет. Бул укуктук аспап мамлекетке эң жогорку демократиялык стандарттарды жана борбордук өкмөттүн ыйгарым укуктарын аныктоо принциптерин кармануууга көмөктөшөт. Хартияга кошулуу реформа жүргүзүп жаткан маалда Өкмөт үчүн багыт көрсөтүүчү ролду аткарат. Мындай жол менен Хартия саясий системанын туруктуулугун камсыз кылып, жарандар менен өкмөт ортосундагы ишенимди бекемдөөгө көмөкчү болот.

Келечекте Европа Хартиясын ратификациялоо жана киргизүү Европа Кеңешинин министрлер комитети менен Европалык ынак кошуналык саясат тууралуу жаңы келишимди түзүүгө өбөлгө болот.

Мындан тышкары Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары

1 Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкарууларынын "Кыргыз Республикасынын аймактарын комплекстүү өнүктүрүүдө жергиликтүү өз алдынча башкаруулардын ролу" аттуу Форуму, 2018-жылдын 3-июлу, Бишкек шаары: http://dpi.kg/ru/library/full/281.html

өзүнүн ассоциациялары жана союздары аркылуу башка өлкөлөрдүн ЖӨБ органдары менен өнөктөш мамиле түзүп, Европа Кеңешинин Жергиликтүү жана регионалдык бийликтеринин Конгрессинде байкоочу макамына ээ болушат. Бул болсо келишимге кол койгон башка мамлекеттер менен билим жана тажрыйба алмашуу үчүн дагы бир мүмкүнчүлүктү түзөт.


Хартия жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын ишке ашырылышына байкоо жүргүзгөн натыйжалуу аспап болуп саналат. Себеби Хартиянын администраторлору берген жардам мыйзамдарды жана алардын Хартияга шайкеш аткарылышын текшерүүгө жол ачат. Бул жагынан алып караганда ЖӨБ органдары үчүн Хартия эл аралык деңгээлдеги кандайдыр бир укуктук калканч катары кызмат өтөйт.

Бүгүнкү күндө жергиликтүү өз алдынча башкаруунун мындан аркы өнүгүүсү тууралуу маселе буга чейин болуп көрбөгөндөй актуалдуу. Башкаруу системасынын ишинин сапатына жарандардын нааразылыгы 2020-жылдын октябрындагы окуялар маалында ачык билинди. Бул окуялар мамлекеттин биринчи жана маанилүү милдети жер-жерлерде жашоо шартын жакшыртуу керек экенин көрсөттү. Бул процессте эң негизги жоопту башкаруу органы – бул ЖӨБ. Жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ишине берген баасынан алардын жалпысынан мамлекеттик бийликке берген баасы да көз каранды.

Эл менен түздөн-түз байланышта болуп, ЖӨБ органдары жарандарга чоң көлөмдөгү кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирип, маалымат менен камсыздап турат. Ошол себептен жарандардын көбүндө ЖӨБ органдары тууралуу калыптанып калган пикир бар. Жарандар ЖӨБго карата позитивдүү да, негативдүү да эмоцияларды сезет. Көпчүлүк адамдар жергиликтүү өз алдынча башкаруу турмуш шарттарын жакшы жагына өзгөртүүгө мүмкүнчүлүгү бар деп эсептегени менен, акыркы жылдары скептикалык маанайдагылардын катары калыңдап баратат. Жарандардын ЖӨБ органдарын кабыл алуусу көп жагынан элдин жалпысынан бийликти кандай кабыл алаарын чагылдырып турат. Себеби дал ушул ЖӨБ органдары элдин элесинде бийликтин жалпылаштырылган образы болуп турушат. Сынчыл маанайдагылардын саны көбөйүп жатканын дагы бир жагдай менен түшүндүрсө болот: жылдан жылга жарандардын ЖӨБ органдарынан күткөнү жана суроо-талабы өсүүдө, муну менен катар жашоодон негизинен эле көптү күткөндөр да көбөйүүдө. Экинчи жагынан ЖӨБ органдарынын жарандардын муктаждыктарын толук канааттандыруу мүмкүнчүлүгү чектелүү болууда.

Жарандардын ЖӨБ органдарына карата мамилеси менен жергиликтүү бюджеттердин жыйынды көлөмүнүн ортосунда түз байланыш бар: жергиликтүү бюджеттердин кирешеси канчалык жогору болсо, жарандардын ЖӨБго карата мамилеси да ошончолук жакшы болот, бюджеттин кирешеси аз болсо, мамиле да ошончолук начар болот. Бюджет аралык мамилелер саясатындагы, борбор менен аймактар ортосунда финансыны бөлүштүрүүдөгү өзгөрүүлөрдүн

***1[1]-диаграмма. ЖӨБ органдарына терс эмоцияларды сезген жарандардын үлүшүнүн динамикасы жана жергиликтүү бюджеттердин кирешелеринин динамикасы, 2015-20201-жылдар.[2]***




[1] Жергиликтүү бюджеттердин кирешесинин жыйынды көлөмү 2020-жылы жазында Кыргыз Республикасынын бюджети кыскаргандан кийин план боюнча чыгарылат.

[2] Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусу жарандарды эмне менен шыктандыра алат? / Кыргыз Республикасынын жарандарынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына карата ишеним деңгээлин, жергиликтүү кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатына жана жарандардын чечим кабыл алуу процессине катышуу шарттарына канааттануусун изилдөөнүн жыйынтыктары. – Бишкек: Өнүктүрүү саясат институту, 2020.

*1-сүрөт. Хартияга кошулуу процесси*




кесепеттери өтө тез жана айкын түрдө элдин баасын алды. Бир нече айдын ичинде эле жарандар ЖӨБ органдарынын кызмат көрсөтүүлөрүнүн жана ишинин сапаты начарлаганына реакция жасашат. Ал эми мындай начарлоо жергиликтүү бюджеттерди каржылоо жетишсиз болгон учурда башталат. 1-диаграмма элдин мындай реакциясы дароо байкаларын жылдан жылга көрсөтүп келатат. Бул өтө маанилүү саясий салыштырма. Себеби жергиликтүү бийликтин ишине наразычылык жалпысынан бийликке болгон наразычылыкка алып келет. Бул 2010-жылы өтө жакшы билинген эле. 2008-2009-жылдары ыйгарым укуктары да, бюджети да кескин түрдө кыскарып, ЖӨБ органдарынын чабалдыгы жер-жерлерде жашоо оңолбогондуктан элдин наразылыгына себепчи болгон. Ошондуктан жергиликтүү бюджеттерди жетиштүү деңгээлде каржылабай коюу социалдык туруктуулукка коркунуч жаратып, бийлик үчүн коопту болот.

Ошентип, Хартия мамлекетке туура мыйзамдык жана практикалык чечимдерди тандап алууга жардам берет. Муну менен Хартия ЖӨБ органдарынын жарандардын керектөөлөрүнө жооп кайтаруу жөндөмдүүлүгүн күчтөндүргөндөн тышкары, жалпысынан бийликке болгон ишенимди арттырууга жана социалдык туруктуулукту бекемдөөгө жардамчы болот.

## Европанын ЖӨБ Хартиясына кошулуу үчүн Кыргыз Республикасынын кандай техникалык мүмкүнчүлүктөрү бар?

Хартияга кошулуу эч кандай финансылык чыгымды талап кылбайт. Себеби анын алкагында Хартиянын аткарылышына көзөмөл жүргүзгөн органдар түзүлгөн эмес (бирок бул маселе талкууланып жатат). Жалпысынан жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жана анын ичинде Хартиянын маселелерин караган негизги орган – Европа Кеңешинин Жергиликтүү жана регионалдык бийликтеринин Конгресси. Конгресс – бул өкмөт аралык уюм эмес, бул Европа Кеңешинин түзүмүндө уникалдуу мүнөзгө ээ болгон өкүлчүлүктүү орган. Конгресстин пленардык отурумдары жылына бир жолу – мартта өтүп турат.

Хартияга кошулуунун техникалык процессин 1-сүрөттөн көрө аласыз: бул процесс өлкөнүн өз саясий эркин билдирүүсүнөн башталат – тышкы иштер министри Европа Кеңешинин Башкы катчысынын дарегине расмий кат жазат. Жалпак тил менен айтканда, биринчи этабында Хартияга кошулуу ниетин билдирүү гана жетиштүү болот. Андан соң бир нече кадамдарды жасаш керек. Ошолордун биринде Европа Кеңешинин Жергиликтүү жана регионалдык бийликтеринин Конгресси өлкө Хартиянын принциптерин ага кошулгудай сактайбы – мына ушуга баа берет.

Маанилүү суроо – Кыргыз Республикасы европалык эмес мамлекет болсо да Европа Кеңешине мүчө өлкөлөр кирген өкүлчүлүктүү органдын бир бөлүгү боло алабы? Чынында эле мындай учур болгон эмес. Бирок, мисалы, Хартияга кошулган Кавказ өлкөлөрү толук маанисинде европалык деп саналбайт. Ошондуктан мында формалдуу тоскоолдуктар жок. Атүгүл, Европалык ынак кошуналык саясат башка өлкөлөр менен кызматташтыкты кеңейтүүгө жана интеграцияга багытталган. Ал эми Хартия Кыргыз Республикасына карата бул саясатты ишке ашыруунун эффективдүү аспабы болуп калышы ыктымал.

## Европанын ЖӨБ Хартиясы жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү саясатын аныктоодо Кыргызстандын эркиндигин чектеп койбойбу?

Европа Хартиясынын жоболорун мыйзамдарда жана мамлекеттин укук колдонуучулук практикасында кабыл алуу балким, келечекте жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө мыйзамдарды унификациялоого, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун кандайдыр бир жалпы моделинин пайда болушуна алып келиши ыктымал. Бирок бул бардык мүчө мамлекеттерге жергиликтүү өз алдынча башкаруунун моделин бирдиктүү үлгү боюнча түптөө талабы ко-




юлат дегенди билдирбейт. Эч мындай болбойт! Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун негиздерин, концепциясын бекитүү менен, Хартия ошол эле маалда улуттук мыйзамдарда анын өзүнчө жоболорун чечмелөө үчүн бир кыйла эркиндик берет. Унификациялоо дегенде ар бир мамлекеттин улуттук айырмалуулугун урматтоо менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун демократиялык стандарттарын гармонизациялоо дегенди түшүнүш керек[1]. Мындан тышкары узак мөөнөттүү келечекте иштелип чыккан жана кабыл алынган бирдиктүү стандарттардын сакталышы муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү жана аймактардагы адамдардын турмуш шартын жакшыртат.

## Кыргыз Республикасы Европанын ЖӨБ Хартиясынын талаптарына жооп береби?

Европа Хартиясынын 12-беренесине ылайык, Хартияга кошулуш үчүн мамлекет анын I бөлүгүнүн бери дегенде 12 пунктуна шайкеш келүүгө тийиш. 2018-жылы Кыргыз Республикасында экспертиза жүргүзүлүп, өлкөнүн Европанын жергиликтүү өз алдынча башкаруу Хартиясына кошулуу мүмкүнчүлүгү жана максатка ылайыктуулугу текшерилген[2]. КР Констиуциясына, Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө Мыйзамга жана башка мыйзамдарга жасалган баштапкы баалоо көрсөткөндөй, КРнын мыйзам чыгаруу базасы Европанын Жергиликтүү өз алдынча башкаруу Хартиясына дээрлик толугу менен жооп берет. Хартиянын 36 беренесинин ичинен 30у үчүн Кыргызстанда колдонуудагы мыйзамдар бар, алар Хартиянын негизги принциптерин аткаруу үчүн укуктук шарт түзүп берүүдө.

Мисалы, Европанын ЖӨБ Хартиясынын 2-беренесине ылайык, "жергиликтүү өз алдынча башкаруунун принциби ички мыйзамдарда жана мүмкүн болушунча мамлекеттин Конституциясында таанылууга тийиш". Бул талапка Кыргызстан толугу менен жооп берет, себеби КР Конституциясында Жергиликтүү өз алдынча башкаруу деп аталган өзүнчө 8-бөлүк бар. Ошондой эле 2011-жылдын 15-июлунда кабыл алынган №101 "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" Мыйзам бар, жергиликтүү өз алдынча башкарууну тааныган жана анын өнүгүүсүн жөнгө салган дагы башка мыйзамдар бар. Алар: КР Бюджеттик кодекси, "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" КР Мыйзамы, "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана ЖӨБ органдарынын карамагында турган маалыматка жеткиликтүүлүк жөнүндө" КР Мыйзамы жана башкалар.

Хартия жамааттардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга укугу кеңештер же чогулуштар аркылуу жүзөгө ашырылышын, алар эркин, жашыруун, тең, түз жана жалпы добуш берүү жолу менен шайланган мүчөлөрдөн турушун талап кылат. Кеңештердин же чогулуштардын аларга отчеттуу болгон аткаруучу органдары болушу мүмкүн. Кыргызстанда бул принцип толугу менен сакталат. Себеби жергиликтүү маанидеги маселелер боюнча бардык чечимдерди жергиликтүү кеңештер кабыл алат, ал эми алардын аткаруучу органдары – мэриялар жана айыл өкмөтү бар.

Европанын Жергиликтүү өз алдынча башкаруу Хартиясынын 6-беренеси ЖӨБ органдарына өзүнүн ички административдик түзүмдөрүн өз алдынча аныктап алуу мүмкүнчүлүгү аркылуу ЖӨБ органдарынын уюштуруучулук эркиндигин бекиткен. Ошону менен катар жергиликтүү керектөөлөргө шайкеш келүү шарты жана эффективдүү башкарууну камсыз кылуу негизги талап бойдон кала берүүдө. Бул жобо логикалуу жана туура, себеби жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иштелип чыккан түзүмүн алдын ала макулдашуудан өткөрүү же баалоо зарылчылыгы түрүндө шарттардын жоктугу ЖӨБ органдарынын алдында турган тапшырмаларды эффективдүү чечүү үчүн өзүнүн административдик каражаттарын аныктоодо жетиштүү даражада эркиндик бар болгонун тастыктайт. Кыргыз Республикасында бул принцип жалпы жонунан сакталууда: КР Өкмөтү ЖӨБ органдарынын штаттык санын, штаттык ырааттамасын жана административдик кызматтардын классификациясын бекиткени менен, адистерди аныктоо укугу ЖӨБ органдарынын өздөрүнө берилген. ЖӨБ органдары ошол муници-

---

1 https://www.dissercat.com/content/mestnoe-samoupravlenie-v-federativnykh-gosudarstvakh-evropy-sravnitelno-pravovoe-issledovani

2 Өнүктүрүү саясат институту Швейцариянын Өнүктүрүү жана кызматташтык боюнча агенттиги (SDC) аркылуу Швейцариянын Өкмөтү каржылаган "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоорунун алкагында 2018-жылы Кыргыз Республикасына консультант **Келменд ЗАЯЗИни** чакырган. ЗАЯЗИ – Түштүк-Чыгыш Европанын жергиликтүү башкаруу органдарынын ассоциациялар биримдигинин аткаруучу директору, Европа Кеңешинин Жергиликтүү жана регионалдык бийликтеринин Конгрессинин Европа Хартиясы боюнча көз карандысыз консультанттар тобунун мүчөсү.

палитеттин муктаждыктарына жана керектөөлөрүнө жараша адис-терди ишке алат, ал эми бул чечимди жергиликтүү кеңештердин депутаттары карап чыгып, бекитишет (“Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” Мыйзамдын 31-беренесинин 2-бөлүгүнүн 13-пункту).

Башка бир мисал – Хартияда ЖӨБ органдарынын персоналынын статусун жогорку квалификациядагы кадрларды тандоо камсыз кылыш керек деп белгиленген. Кадрларды тандоо процесси алардын жеке жетишкендиктерин жана компетенттүүлүгүн эске алуу принциптерине таянышы керек. Бул үчүн кесипкөй даярдыктан өтүүгө, эмгек акысына жана кызматтан көтөрүлүүсүнө тийиштүү шарттар түзүлүшү абзел. Кыргыз Республикасында бул талап “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” КР Мыйзамы аркылуу аткарылууда. Аны менен катар, аталган мыйзамдын 2-главасынын 17-беренесинин 3-бөлүгүндө мындай деп белгиленген: “Карьералык пландоону уюштуруу мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматтын кадрлар резервинин иштөөсү, конкурстук тандоо, ротациялоо тутумунун жол-жоболорун сактоо, кызматчынын дараметин жогорулатуу, кызматчынын ишин баалоо, кызматчыларды материалдык жана материалдык эмес жүйөлөштүрүү менен камсыз кылынат”.

ЖӨБ органдарынын иш шартына коюлган формалдуу талаптардан тышкары Хартиянын преамбуласы жарандардын коомдук иштерге катышуу укугун белгилейт. Кыргыз Республикасында бул укук акыркы жылдары жаңы жана бир кыйла кеңири мүмкүнчүлүктөргө ээ болду.

Кыргызстандын түрдүү муниципалитеттеринин аймактарында ишке ашырылган өз долбоорлорунун алкагында Өнүктүрүү саясат институту салыштырмалуу анализ жүргүзүп келатат. Бул анализдин жыйынтыктарына ылайык, акыркы жылдары жергиликтүү өз алдынча башкарууну жүзөгө ашыруу-да жергиликтүү жамааттын катышуу активдүүлүгү жогорулаганы белгилүү болду. Мисалы, эгерде мурда жарандардын катышуусу бюджеттин долбоору боюнча коомдук угууларды өткөрүү менен чектелип келсе, акыркы жылдары коомдук угуулардын түрлөрү бир кыйла башкача болуп калды. Эми айылдык аймактарда суу же таштанды чыгаруу үчүн тарифтер боюнча, бюджеттин аткарылышы боюнча угуулар, мектептерде класстык сааттар, мектептин бюджети боюнча угуулар ж.б. өтүп жатат. Жергиликтүү жамаат жергиликтүү өз алдынча башкарууга катыша аларын жана муну кылышы керектигин түшүнө баштады. Себеби дал ушул ЖӨБ органдары аркылуу алар өз муниципалитетинин аймагын, аны көрктөндүрүү иштерин башкара алышат жана жалпысынан турмуш тиричиликти камсыздоону уюштурушат.

Бюджет боюнча коомдук угуулар практикасы Кыргызстанда 1999-жылы башталган. Ошондон тартып 2018-жылга чейин жарандардын жергиликтүү деңгээлде бюджет боюнча коомдук угууларга катышуусунда туруктуу өсүш байкалып келди. Ал эми 2018-жылы Кыргыз Республикасы үчүн рекорддук 20 пайыздан ашты. КР Финансы министрлигинин маалыматына ылайык, 2019-жылы коомдук угууларды 330 ЖӨБ органы өткөргөн. Угуулар негизинен элет жергесинде өткөн, ал эми катышуучулардын саны 28 миңден ашкан. Алар жергиликтүү бюджеттерге 3 миңден ашык сунуш киргизишкен[1].

Айрым элеттик муниципалитеттердин финансы-экономикалык бөлүмдөрүнүн адистеринин жана жетекчилеринин айтымында, 2019-жылы Жарандык бюджет[2] олуттуу ролду ойноду. Жарандык бюджет да кеңири укуктук базага ээ:

- 2016-жылдын 16-майындагы Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси;
- 2017-жылдын 26-декабрындагы №166-Б Кыргыз Республикасынын Жарандык бюджетин түзүү методикасы;
- КР Өкмөтүнүн 2019-жылдын 5-сентябрындагы №452 Токтому менен бекитилген Бюджеттик ачык-айкындуулуктун муниципалдык индексин баалоо методикасы;
- Жарандык бюджетти жергиликтүү бюджеттер боюнча түзүү боюнча методикалык окуу китеби[3] (web-багытындагы тиркеме).

Атүгүл жарандардын коомдук иштерге катышууга болгон укугу 2019-жылы каржылоо булагына да ээ болду: ЖӨБЭММАнын 2019-жылдын 5-сентябрындагы № 01-18/84 Буйругу менен “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан жергиликтүү демилгелерди тандап алуунун жана каржылоонун тартиби жөнүндө” Типтүү жобо бекитилген.

***Эмесе, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын Европанын ЖӨБ Хартиясынын принциптерине шайкештигине жасалган баалоонун баштапкы жыйынтыгы муну көрсөттү: Кыргызстанда Хартияга кошулган Борбор Азиядагы биринчи мамлекет жана биринчи европалык эмес мамлекет болууга уникалдуу мүмкүнчүлүгү бар. Бул өлкөнүн бийлиги үчүн олуттуу тышкы саясий жетишкендик болуп бере алат, Кыргызстанды кеңири континенталдык өңүттөн алып караганда Испания жана Италиядан баштап Грузия менен Орусия Федерациясына чейинки эл аралык жамааттын алдында регионалдык лидер позициясына чыгарууга шарт түзөт.***

[1] Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусу жарандарды эмне менен шыктандыра алат? / Кыргыз Республикасынын жарандарынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына карата ишеним деңгээлин, жергиликтүү кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатына жана жарандардын чечим кабыл алуу процессине катышуу шарттарына канааттануусун изилдөөнүн жыйынтыктары. – Бишкек: Өнүктүрүү саясат институту, 2020.

[2] Жарандык бюджет (ЖБ) - бюджеттик маалыматтын жеткиликтүү жана жөнөкөй түрүндө баяндалышы. Ал жарандарга, анын ичинде атайын билими болбогондорго мамлекеттин финансысы тууралуу маалыматты алууга мүмкүнчүлүк берет. Толук маалымат алуу үчүн: www.gb.minfin.kg

[3] “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоорунун алкагында даярдалып, басылып чыкты. Шилтеме: http://dpi.kg/ru/library/full/296.html

# ЖӨБ органдарына мамлекеттик социалдык заказ эмне үчүн керек?



***Надежда ДОБРЕЦОВА, Татьяна ТРЕТЬЯКОВА, Айдар МАМБЕТОВ***

*“Кыргыз Республикасынын социалдык өнүгүүсүндө аутсорсинг аспабы катары мамлекеттик социалдык заказ (МСЗ)” аттуу Серептин кыскартылган варианты. Бул Сереп “P4I-инновациялары үчүн өнөктөштүк” Программасынын алкагында АРГО, “Жарандык катышуу” Коомдук фонду жана “Өнүктүрүү саясат институту” Коомдук бирикмеси тарабынан даярдалган. Программаны USAIDдин колдоосу менен Жарандык коомду өнүктүрүү ассоциациясы (АРГО, Алматы) жана “Жарандык катышуу” Коомдук фонду ишке ашырып келатат. Бул документ кеңири серептин кыскартылган версиясы. Серептин электрондук формадагы кыска жана толук версиялары “Жарандык катышуу” КФнын “Фейсбуктагы” баракчасында, http://cso-central.asia/; http://dpi.kg/ сайттарында жарыяланган.*

Мамлекеттик социалдык заказ механизми ЖӨБ органдарына олуттуу пайда алып келе алат: оор тапшырмаларды, мисалы, үй-бүлөлүк зомбулук жана мигранттардын балдары менен иш алып баруу өңдүү тапшырмаларды аткарууда; бюджеттеги каражатты үнөмдөөдө; мэриянын жана айыл өкмөтүнүн кызматкерлерине бош убакыт табууга ж.б. Ушул Сереп мамлекеттик органдар менен ЖӨБ органдарынын атынан чыккан заказчыларга жана кызмат көрсөтүүлөрдү алуучуларга (бенефициарларга) малекеттик социалдык заказдын социалдык, башкаруучулук жана экономикалык өңүттөгү таасирин карайт. Сереп оң таасирлердин факторлорун гана сүрөттөбөстөн, ошону менен бирге механизмдин эффективдүүлүгүн жогорулатууга бут тоскон көйгөйлөрдү да талдап чыгат.

### МСЗны колдонуудан түшкөн пайдалардын классификациясы

Социалдык саясатты мамлекеттин социалдык маселелерди чечүү жана коомдук бакубатчылыкты жогорулатууга, элдин турмуш шартын жана сапатын жакшыртууга багытталган социалдык өнүгүүнүн келечегин түптөө боюнча иши катары караса болот. Ошону менен катар, рыноктук экономиканын шартында мамлекеттин социалдык саясатынын негизги максаты – ар бир эмгекке жарамдуу жаран үчүн өз иши жана жөндөмдүүлүгү менен бакубатчылыгын, үй-бүлөсүнүн турмуш шартын камсыз кылууга шарт түзүп берүү. Мында мамлекет калктын социалдык жактан чабал корголгон тобуна директүү социалдык колдоосун күчөтүшү керек.

Бул процессте МСЗ башкаруучулук аспап болуп саналат. Аны мамлекеттик заказчы өз программаларын ишке ашыруу үчүн тандап алат. Мында мамлекет өнүктүрүү программаларынын алкагында конкреттүү тапшырманы аткаруу үчүн колдонуунун эффективдүүлүгүнө көңүл бурат. МСЗнын киргизүү жана жайылтуу башкаруу органдары үчүн тар максатка айланбашы керектигин түшүнүп алуу маанилүү. Атүгүл МСЗ жарандык коомду колдоонун аспабы да болуп саналбайт. Ошентсе да МСЗ жарандык коомго кыйыр түрүндө оң таасирин тийгизээри талашсыз. Мамлекеттик орган же ЖӨБ органы тапшырманы өзү тикелей аткарганга караганда, аутсорсинг эффективдүү жана пайдалуу болгон учурларда МСЗны башкаруу аспабы катары мамлекеттик тапшырманы аткаруу үчүн ыйгарым укукту өткөрүп берүүдө колдонулат. “Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 15-беренесинде маанилүү ченем бар: “Мамлекеттик жана/же муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын, жеткиликтүүлүгүн жана натыйжалуулугун жогорулатуу максатында мамлекеттик жана муниципалдык мекемелер мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү каржылоонун каражаттарын жана булактарын өткөрүп берүү менен жеке юридикалык жана жеке жактарга аткарууга өткөрүп бере алышат”.

МСЗ – бул социалдык тапшырмаларды чечүүдө аутсорсингдин башкаруучулук аспабы. Ушуну эсепке алганда, анын артыкчылыктары мамлекеттик жана муниципалдык башкаруудагы ар кандай аутсорсингдин артыкчылыктарындай факторлор менен аныкталат.

## КРда мамлекеттик социалдык заказды колдонууда башкаруучулук өнүттөгү таасири

МСЗ мамлекеттик жана муниципалдык өнүктүрүү программаларын ишке ашыруу аспабы катары башкаруу системасынын эффективдүүлүгүн ийгиликтүү түрдө жогорулатат. МСЗ механизм катары стратегияларда жана бюджеттик чаралар катары программалык бюджеттерде иштеп кетет. Жаштар иштери, дене тарбия жана спорт боюнча мамлекеттик агенттиктин (ЖДСМА) мисалында (1-сүрөт) мамлекеттик программаларды ишке ашыруу процессинде МСЗнын аспаптык башкаруучулук ролу даана көрүнүп турат.

МСЗ программанын өзү катары эмес, мамлекеттик программаны ишке ашыруунун бюджеттик чарасы катары каралууга тийиш. Бул туура чечим, себеби МСЗ көптөгөн башкаруу аспаптарынын арасында алардын бири катары кызмат кылуу менен, программалык багыт болбойт. Тилекке каршы, башка мекемелердин практикасы бул принциптерге толук көлөмдө шайкеш келбейт. Мисалы, Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин (ЭСӨМ) программалык бюджетинде МСЗ өзүнчө бюджеттик программа катары каралат. Башкача айтканда, мекеменин ишинин багыты катары көрсөтүлгөн. Бирок ал чара, аспап түрүндө чагылдырылышы керек болчу.

МСЗ мамлекеттик органдарга жана ЖӨБ органдарына эл аралык макулдашуулардын алкагында комплекстүү милдеттенмелерди аткарууга, ошондой эле жаңы, буга чейин ага мүнөздүү болбогон функцияларды аткарууга, жаңы, буга чейин аныкталбаган маселелерди чечүүгө мүмкүнчүлүк берет.

***1-таблица. Социалдык өнүгүүнү башкарууда аутсорсингден түшкөн пайданын классификациясы***

| Башкаруучулук пайдалар: | Социалдык пайдалар: | Экономикалык пайдалар: |
|---|---|---|
| Эл аралык макулдашуулардын алкагында комплекстүү милдеттенмелерди аткаруу мүмкүнчүлүгү | Инновацияларды киргизүү мүмкүнчүлүгү | Бир алуучуга кеткен чыгымдарды азайтууга мүмкүнчүлүк |
| Жаңы, буга чейинкилерге мүнөздүү болбогон функцияларды аткаруу жана жаңы, буга чейин аныкталбаган маселелерди чечүү мүмкүнчүлүгү | Аярлуу катмарга жетип, социалдык өнүгүүгө тартылган адамдардын чөйрөсүн кеңейтүү мүмкүнчүлүгү | Кошумча жана капиталдык чыгымдарды үнөмдөп, эффективдүү бөлүштүрүүгө мүмкүнчүлүк |
| Программалык бюджеттин негизинде өнүктүрүү программаларынын ишке ашыруу аспабы | Социалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн даректүүлүгүн күчтөндүрүү мүмкүнчүлүгү | Башка мамлекеттик эмес булактардан ресурстарды мобилдештирүүгө мүмкүнчүлүк |
| Процессти башкаруудан жыйынтыкты башкарууга өтүп кетүү ыкмасы | Бенефициарлардын канааттануу деңгээлин жогорулатууга мүмкүнчүлүк | Максаттуу топтордун кирешесин көбөйтүү өндүү кыйыр жана түз экономикалык натыйжага жетүү мүмкүнчүлүгү |
| Мыкты тажрыйбаны башкарууга жана жаңы башкаруучулук технологияларга интеграция болуу ыкмасы | Социалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жогорулатууга мүмкүнчүлүк | Сектор аралык өз ара аракеттенүүнүн эффективдүүлүгүн жогорулатуунун эсебинен чыгымдарды үнөмдөө мүмкүнчүлүгү |
| Кадрдык боштуктарды толтуруу, башкаруу органында болбогон кесипкөй көндүмгө жана компетенцияларга ээ болгон адистерди тартуу ыкмасы | Жергиликтүү жамааттын комплекстүү мүнөздөгү көптөгөн курч маселелерин чечүүгө мүмкүнчүлүк | Каражаттардын максатсыз жана натыйжасыз сарпталышын азайтууга мүмкүнчүлүк |
| Антикоррупциялык мониторинг жүргүзүлүшү керек болгон ачык-айкындуулукту күчтөндүрүү ыкмасы | Жаңы социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү түзүүгө, улам өзгөргөн кырдаалга жараша иштеп жаткан кызмат көрсөтүүлөрдүн тизмесин кеңейтүүгө мүмкүнчүлүк | Экономика структурасында муктаждарды багуу, кароо тармагын түзүү мүмкүнчүлүгү |
| Синергетикалык натыйжага жетүү аспабы | | |

***1-сүрөт. ЖДСМАнын мисалында мамлекеттик программаларды ишке ашырууда МСЗнын башкаруучулук ролу***




МСЗ башкаруу органынын ишин принципиалдуу түрдө кайра түзүп чыгууну талап кылбагандыктан, бул аспап мамлекеттик заказчыга башкаруудагы жаңы чакырыктарга ийкемдүү түрдө реакция жасоого, жаңы милдеттерди аткаруунун ыкчам жолун табууга жол ачат. Кыргызстанда бул ЭСӨМдүн жана ЖДСМАнын мисалында, ошондой эле башкаруунун муниципалдык деңгээлинде өзгөчө даана билинүүдө. ЖДСМА МСЗ аркылуу өзгөчө социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү деинституционалдаштыруу бөлүгүндөгү өз милдеттерин аткарууга мүмкүнчүлүк алды. Муну эки ыкма менен жасаса болот: бул кызматтарды көрсөткөн мамлекеттик структураларды уюштуруу же мамлекеттик социалдык заказды жайгаштыруу жолу менен аутсорсингге берип, милдетти башкага өткөрүп берүү. Мекеме экинчи жолду тандап алып, убакыт анын эффективдүүлүгүн көрсөттү. 2020-жылы МСЗ деинституционалдаштыруу багытындагы бардык тапшырмаларын аткара албаса да, интеранттыкка альтеранивалуу болгон социалдык кызмат көрсөтүүлөр негизинен МСЗны жайгаштыруу жолу менен жеткирилип келатат. Муниципалдык деңгээлде МСЗнын жаңы чакырыктарга реакция жасоо жана өз программаларын аткаруу мүмкүнчүлүктөрү дагы да эффективдүү колдонулуп жатат. Эң жакшы мисалы – үй-бүлөлүк зомбулукка каршы туруу. Бул маселе ЖӨБ органдарынын милдетине жакында эле киргизилген. Бул маселени чечүү үчүн ал маалда ЖӨБ органдарында адистер да, ресурстар да болгон эмес. Бирок МСЗ бул маселени чечүүдө жардамга келди. Мисалы, Ошто МСЗ программасынын алкагында коомдук пайдалуу долбоордун (КПД) аткаруучусу үй-бүлөлүк зомбулуктан жапа чеккен 25 адамга документтерди чогултуп, тартип коргоо органдарына жана сотко арыз даярдоого ыкчам түрдө жардам берди.

МСЗ мамлекеттик башкаруу менен жергиликтүү өз алдынча башкарууга процессти башкаруудан жыйынтыкты башкарууга өтүп кетүүсүнө көмөк көрсөтүшү керек. Эгерде мамлекеттик органдын отчеттору негизинен кеткен күч-аракетти эсепке алып, "Эмнелер жасалды?" деген суроого жооп берүү менен процессти сүрөттөсө, коомдук пайдалуу долбоордун ишке ашырылышы тууралуу отчеттор жана ага берилген баа жашоочуларга тийгизген таасирдин конкреттүү жыйынтыктарын кошуп көрсөтөт. Мисалы, ЭСӨМ менен ЖДСМАнын МСЗ Программасынын алкагында ишке ашырылган КПДнын жыйынтыктары мындай болот: ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген 30 адам жаңы методика боюнча дене тарбиясын жасап жатышат; 10 ыктыярчы сергек жашоо образына үгүттөө боюнча окуудан өтүп, бул багытта иш алып барууда; ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү, үй-бүлөлүк зомбулукту башынан өткөргөн, басмырлоого туш болгон 20 аял коргоого алынды; 15 аял жаңы кесипти үйрөндү (маникюр жасаганды, чачты жасалгалаганды үйрөнүштү); ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү 25 адам жыгач устачылыгын өздөштүрүштү, алардын бешөө иш тапты; үй-бүлөлүк камкордукка алынуу үчүн 12 баланын документтери даярдалды; ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү 35 адам жаңы технологияларды колдонуу боюнча окуудан өтүштү (компьютерде иштегенди, электрондук почтаны, интернетти, мобилдик интернетти колдонгонду үйрөнүштү). Ошто жана ага чектеш элеттик жамааттарда ата-энеси миграцияга кеткен, чоң ата-чоң энесинин колунда калган балдарды өнүктүрүү маселеси курч турат. Ош мэриясынын муниципалдык МСЗ программасы ушундай 500 балага

комплекстүү жардам берди. Ошондой эле 25 үй-бүлө документтерди даярдап, асырап алуу маселесин чечип алышты.

Бул жерде бир нерсени унтупаш керек: жыйынтыктарды чындап башкарууга жетүү үчүн бул жыйынтыктар пландоонун жогорку деңгээлиндеги көрсөткүчтөрдө эсепке алынууга тийиш. Бирок азырынча бул маселеде мамлекеттик жана муниципалдык органдарда коомдук пайдалуу долбоордун жыйынтыктары эмес, МСЗнын өзү башкаруу предмети болуп турат.

МСЗнын жардамы менен мамлекеттик башкарууга жана жергиликтүү өз алдынча башкарууга мыкты тажрыйбаны жана жаңы башкаруучулук технологияларды интеграцияласа болот. Башкаруунун иерархиялык системасы көз карашынан алганда, процесстин катышуучулары ортосундагы тик өз ара байланышты киргизүү олуттуу инновация болуп саналат. Коомдук пайдалуу долбоорду пландоо жана ишке ашыруу процессине бенефициарлардын өздөрүн жана аткаруучулардын өкүлдөрүн мүмкүн болушунча көбүрөөк тартуу да башкаруучулук инновация болуп эсептелинет.

Заказчынын кесипкөй жана кадрдык боштуктарын толуктоо. Социалдык саясатты ишке ашырууда МСЗ заказчыда болбогон кесипкөй көндүмдөргө жана компетенцияга ээ болгон адистердин тажрыйбасын колдонууга жардам берет. Штаттык саны жана ыйгарым укуктары чектелүү болгон шартта жаштар менен иш алып барган адистердин тартыштыгы ЖДСМА үчүн курч маселе. МСЗ болсо алыскы аймактардагы жаштарга жетип, борбордук аппараттын да, аймактык бөлүмдөрдүн да кызматкерлеринин дараметин жогорулатууга, коомдук пайдалуу долбоордун ишке ашырылып жатканына жеринде мониторинг жүргүзүүгө жардам берет. ЭСӨМ болсо МСЗ аркылуу социалдык кызмат көрсөтүү процессине эрте куракта өнүгүү боюнча адистерди, геронтологдорду, психологдорду, зомбулуктун курмандыгы болгон адамдар менен иш алып барган адистерди жана башкаларды тартуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болду.

Бул өзгөчө ЖӨБ органдары үчүн актуалдуу маселе. Себеби алардын штаттык саны жана келишим боюнча адистерди тартуу мүмкүнчүлүгү өтө чектелүү. Ошондуктан МСЗ аркылуу ЖӨБ органдары жаштар менен иш алып барат (Ленин АА, 2019-жыл), маалыматтык өнөктүктөрдү жүргүзөт (Баткен жана Кочкор-Ата, 2018-жыл), үй-бүлөлүк зомбулукка каршы аракеттенет (Ош, 2019-жыл) ж.б. иштерди жасай алышат. Мамлекеттик органдардын деңгээлинде бул ВИЧ/СПИДге каршы туруу, сергек жашоого үгүттөө, интернаттан чыккан балдарды ишке орноштуруу ж.б. маселелер болушу мүмкүн.

МСЗ мамлекеттик жана жергиликтүү социалдык саясаттын аткаруучуларынын ачык-айкындуулугун күчөтөт. Серептин жыйынтыктары көрсөткөндөй, 2020-жылы МСЗны ишке ашырууда коррупциянын деңгээлине баа бергенде аткаруучулар аны төмөн деп баалашкан. Мамлекеттик заказчылардын сайттарына жасалган сереп көрсөткөндөй, ачык-айкындуулукту күчөтүүгө жана коррупцияга каршы аракеттенүүгө багытталган мыйзамдын талаптары негизинен аткарылып жатат.

Ыктымал аткаруучулардын конкурстарга жана МСЗ программаларын ишке ашырууга жеткиликтүүлүгү камсыздалган. Бирок азырынча заказчылардын эч бири документтерди электрондук форматта аралыктан берүү үчүн тийиштүү шарттарды түзүп бере элек жана мыйзам талап кылгандай, конкурстун катышуучуларынын электрондук маалымат базасын түзө элек.

МСЗ социалдык саясатты ишке ашырууда синергетикалык натыйжага жетүүчү аспап катары сектор аралык өз ара аракеттенүүнүн чоң потенциалына ээ. Себеби биринчи кезекте КЭУ-аткаруучулар үчүн мекемелерде эч кандай тоскоолдуктар жок. Кыргызстанда комплекстүү сектор аралык социалдык көйгөйлөр, мисалы, үй-бүлөлүк зомбулук көйгөйү менен алектенген бир нече мамлекеттик эмес борборлор иштеп жатат. Бирок бул потенциал азырынча толук көлөмдө колдонула элек. Мамлекеттик органдар менен ЖӨБ органдары ортосундагы өз ара байланышында маселелер бар, алар МСЗны киргизүү ылдамдыгына терс таасирин тийгизип жатат. Терс таасири дегенде бир мисалды келтирсек болот: ведомстволук МСЗ программасынын алкагында алыскы аймактарда кызмат көрсөтүүнү уюштуруу аракеттери көп деле ийгиликтүү болбойт. Мунун ордуна тийиштүү ресурстар менен кошо ыйгарым укуктарды ЖӨБ органдарына өткөрүп берүү көбүрөөк жемишин бермек. Себеби ЖӨБ органдары жергиликтүү максаттуу топтордун муктаждыктарынан көбүрөөк кабардар жана жамааттын кошумча ресурстарын мобилдештиргенди жакшыраак өздөштүргүшкөн. Ошол эле маалда социалдык өнүгүү чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты түзүү, анын формасын тандап алуу жана аткарылышына мониторинг жүргүзүү милдетин мамлекеттик бийлик аткара берет.

Заказчынын МСЗны натыйжалуу башкаруусу үчүн зарыл институционалдык жана уюштуруучулук шарттарынын бар болгонуна жасалган анализ көрсөткөндөй, мындай шарттардын болжол менен 65 пайызы толугу менен же жарым-жартылай түзүлгөн. Бирок максималдуу натыйжага жетүү үчүн шарттардын дагы 35 пайызын аткаруу багытында күч-аракет жумшоо зарыл. Негизинен МСЗнын ишке ашырылышына талаптагыдай мониторинг жана баалоо жүргүзүү үчүн, мунун жыйынтыгы боюнча мамлекеттик жана муниципалдык органдарда чечим кабыл алуу үчүн, ошондой эле заказчынын кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу үчүн шарттар түзүлгөн эмес (толугураак 2-тиркемеден окуй аласыз).

## КРда мамлекеттик социалдык заказды колдонууда социалдык өнүттөгү таасири

Социалдык инновациялар. МСЗ социалдык өнүктүрүүгө инновацияларды киргизүүгө көмөкчү болот. Себеби КЭУ-аткаруучулар ар кандай мамлекеттик органдарга караганда методологиялык

да, техникалык да инновацияны тезирээк кабыл алат жана ыкчам түрдө практикага киргизе алышат. Мындан тышкары КЭУ сыноо усулдарын, апробацияны жеңил колдонуп кетет. Себеби алардын миссиясы көп учурда инновацияга багытталган. Уюштуруучулук жагынан ийкемдүү болгондуктан коммерциялык эмес уюмдар үчүн апробациялоо же инновацияны киргизүү процесси тез жана жеңил өтөт. Ошондуктан иновацияларды сыноо, муну келечекте мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу практикасына киргизүү тууралуу чечим кабыл алуу максатында мамлекеттик заказчылар КЭУнун ресурстарын колдонгону пайда берет. Кошумчалай кетсек, Кыргызстандагы социалдык өнүгүүдөгү инновациялардын көбүн дал ушул КЭУлар киргизе баштаган. Кийин гана бул мамлекеттик деңгээлде таанылып, расмий программаларга жана социалдык өнүктүрүү боюнча методологияларга интеграцияланган (мисалы, эрте куракта өнүктүрүү, үй-бүлөлүк зомбулукка каршы туруу ж.б.).

МСЗ жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде да инновацияларды жеткиликтүү кылат. Үй-бүлөлүк зомбулук менен күрөштө, маалыматтык өнөктүктөрдү өткөрүүдө, айтор, башкаруу органдарынын стандартка салынбаган иш-аракеттеринде МСЗ социалдык иштин жана социалдык өнүктүрүүнүн инновациялык ыкмаларын пайдаланууга мүмкүнчүлүк берет.


ЭСӨМ өзүнүн МСЗ Программаларынын алкагында бенефициарларына инновациялык усулдарды сунуш кылып, кызматтарды көрсөтөт. Майыптуулугу бар кыздарды бийге үйрөтүүгө багытталган МСЗ мунун жакшы бир үлгүсү. Дагы бир мисал – “Тең мүмкүнчүлүктөр” коомдук бирикмеси ишке ашырган МСЗ аркылуу ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген 35 адам жаңы технологияларды колдонуу боюнча окуудан өтүштү (компьютерде иштегенди, электрондук почтаны, интернетти, мобилдик интернетти колдонгонду үйрөнүштү). Жаштар иштери, дене тарбия жана спорт боюнча мамлекеттик агенттиктин да социалдык инновацияларды жайылтууга багытталган коомдук пайдалуу долбоорду колдоо боюнча жакшы тажрыйбасы бар. Мисалы, агенттик инновациялык мейкатонду өткөргөн эле, анын алкагында инклюзияны жайылтуу максатында майыптуулугу бар адамдар үчүн прототиптер түзүлгөн.

Унутта калгандарга жетүү. МСЗ социалдык өнүгүү багытында кеңири масштабга жетүүгө, мисалы, “унутта калган” топторду системага кошууга, жаңы топторду аныктап чыгууга мүмкүнчүлүк берет. Мындай жол менен социалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн даректүүлүгү да күчөйт. Себеби коомдук пайдалуу долбоорду ишке ашырган КЭУ-аткаруучулар социалдык кызмат көрсөтүүнү алыскы аймактарга, мамлекеттик заказчынын “колу жетпей жаткан” жерлерге жеткире алышат. Бул өзгөчө алыскы айылдарда жашаган майыптуулугу бар балдарга, кары-картаңдарга, ата-энеси миграцияга кеткен балдарга жетүү ишинде өтө маанилүү. Мындан тышкары өзгөчө тыкандыкты, купуялуулукту талап кылган, расмий иш-чараларды өткөрбөөнү,


**Тогуз-Торо райондундагы Каргалык айыл өкмөтүндө майыптуулугу бар балдар үчүн “Зирек” күндүзгү реабилитациялык борбору МСЗ Программасынын алкагында ачылган. Бул борбор жакшы жабдылган, сенсордук-эс алуучу бөлмө, кургак бассейн, балдардын колу-бутунун моторикасын өнүктүрүү үчүн атайын сенсордук панелдер бар, ар бир бала үчүн жекече өнүктүрүү программасы даярдалат. Балдарында жакшы жагына өзгөрүүлөрдү көргөн ата-энелердин кубанычында чек жок. Балдар 2015-жылдын жай мезгилинен бери борборго бара баштаган. Борборго 25 бала туруктуу барып турат, алардын ичинен 18и аптасына үч жолу келишет.**

***Зейнеп ЭШМУРАТОВА, “Ар бир балага үй-бүлө” коомдук фондунун башкаруу төрайымы***

***1-диаграмма. 2019-2020-жылдары кызмат көрсөтүүлөрдү алуучулардын сандык масштабында өзгөрүүлөр, пландалган көрсөткүчтөргө салыштырмалуу[1]***





***2-диаграмма. 2019-жылы ЖӨБ долбоорлорунда кызмат көрсөтүүлөрдү алуучулардын сандык масштабында өзгөрүүлөр, пландалган көрсөткүчтөргө салыштырмалуу[2]***




[1] Изилдөөгө алынган 18 долбоордун ичинен диаграммага жыйынтыгы кызмат көрсөтүү болуп саналбаган долбоорлор жана иштеп жаткан кызмат көрсөтүүнү кошо каржылоого багытталган долбоорлор кошулган жок.

[2] Ошто, Караколдо, Ленин, Кызыл-Октябрь жана Узун-Кыр айылдык аймактарында ишке ашырылган 10 долбоордун маалыматтары боюнча.

***3-диаграмма. Долбоорлорго катышуунун натыйжасында респонденттердин жашоосунда болгон сапаттык өзгөрүүлөр***




маалыматтарды чогултпоону талап кылган топтор бар. Мындай топторго ВИЧ менен жашаган адамдар, абактан чыккан адамдар, интернатта жашаган балдар, зомбулуктан жабыркагандар кирет. Бул топтогу адамдар менен иш алып барууда бейформалдуу мамиле жана бенефициарлардын ишеними талап кылынат. Муну МСЗнын алкагында КЭУ мыкты ишке ашыра алат.

Бенефициарларга мүмкүн болушунча жетүү. МСЗ көп учурда кызмат көрсөтүүлөрдү алуучулардын (бенефициарлардын) масштабын кеңейтүүгө жол ачат. Мамлекеттик программалардын алкагында бенефициарлардын 40 пайызына жетүүгө мүмкүн болсо, муниципалдык программалардын алкагында масштабды 70 пайызга чейин кеңейтүүгө болот.

Бирок МСЗнын мамлекеттик программаларынын алкагында аткарылган долбоорлордун арасында алуучулардын масштабын көбөйтпөгөндөрдүн үлүшү бир кыйла болду (40 пайыздын тегерегинде) жана алар айрым учурларда атүгүл пландалган көрсөткүчтөргө да жетпей калышкан.


Бенефициарлардын канааттануусунда көрсөткүчтөрдүн өсүшү. МСЗ кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатына, жеткиликтүүлүгүнө жана көлөмүнө карата канааттануу деңгээлин жогорулатуунун аспабы катары абдан натыйжалуу. Буга бир нече фактор себеп болду. Биринчиден, МСЗ программалары социалдык кызмат көрсөтүүлөргө болгон реалдуу муктаждыкты эсепке алат жана жергиликтүү жамааттардын эң курч көйгөйлөрүн чечип берет. Себеби муктаждыктар тууралуу маалыматка таянат. Экинчиден,

МСЗ жаңы социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү түзүүгө, иштеп жаткандарынын тизмесин кеңейтүүгө жол ачат. Анткени КЭУ муктаждыктарга мобилдүү реакция жасайт жана коомдук пайдалуу долбоордун жыйынтыгы катары буга чейин болбогон, бирок өтө зарыл кызмат көрсөтүү пайда болушу ыктымал. МСЗнын алкагындагы кызмат көрсөтүүлөрдү алгандар абдан ыраазы болгонун белгилешүүдө: 95 пайызы социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү мындан ары да ушундай эле форматта улантууну каалашат. Ал эми респонденттердин 60 пайызы оптимизм жана өзүнө болгон сый-урмат көбөйгөнүн, коомдо адаптациялануу күчөгөнүн белгилешти.


Жалпысынан МСЗ социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирүүчүлөрдүн арасында атаандаштык чөйрөнүн пайда болушуна шарт түзөт. Бул сөзсүз түрдө кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жана кардарлардын кызмат көрсөтүүгө канааттануусун жогорулатууга алып келет. Башкаруунун бул аспабын киргизген өлкөлөрдүн тажрыйбасынан улам бир нерсе белгилүү болду: бирдей эле заказды аткарган уюмдарда кызмат көрсөтүүнүн натыйжалуулук көрсөткүчү менен аларга канааттануу даражасынын көрсөткүчтөрүн салыштыра келгенде айырма чыкты – мамлекеттик же муниципалдык мекеменин кардарларына караганда коомдук уюмдун кардарлары кызмат көрсөтүүгө 15 пайызга көбүрөөк ыраазы болушкан.

МСЗнын өзгөчөлүгү жана натыйжасы катары социалдык кызмат көрсөтүүнүн эффективдүүлүгү жого-

***4-диаграмма. Пландалган көрсөткүчтөргө салыштырмалуу 2019-жылы ЭСӨМдүн 15 долбоорунда бир алуучу үчүн кызмат көрсөтүүнүн баасында өзгөрүү, пландалган баага карата пайыздар менен***




***5-диаграмма. Пландалган көрсөткүчтөргө салыштырмалуу 2019-жылы муниципалдык МСЗ программаларынын 8 долбоорунда бир алуучу үчүн кызмат көрсөтүүнүн баасында өзгөрүү, пландалган баага карата пайыздар менен***



рулаганын мамлекеттик деңгээлде азырынча баалоо мүмкүн боло элек. Себеби салыштыруу үчүн маалымат базасы жок. Азырынча Кыргыз Республикасында социалдык кызмат көрсөтүү системасы толук кандуу иштей элек, ал эми көп кызмат көрсөтүүлөр эми гана түптөлүп келатат. Маалыматтар аз болгондуктан эффективдүүлүгүн баалоо азырынча эртелик кылат. Жогоруда айтылгандай, бенефициарлар МСЗнын алкагында алган кызмат көрсөтүүлөргө жогору баа беришкен. Бирок кызмат көрсөтүүнүн эффективдүүлүгүн баалоо үчүн бенефициарлардын пикири жетишсиз. Себеби жарандар буга чейин болбогон кызмат көрсөтүү пайда болгонуна эле кубанып, стандарттар менен тааныш болбогондуктан анын сапатына жана эффективдүүлүгүнө калыс баа бере албашы мүмкүн. Бирок ЭСӨМдүн адистери КЭУ МСЗ аркылуу талаптагыдай сапаттагы, мамлекет иштеп чыгып, бекиткен стандарттарга ылайык социалдык кызматтарды көрсөтүп жатканын мойнуна алышат. Атүгүл КЭУ коомдук пайдалуу долбоордун алкагында буга чейин болбогон жаңы кызматтарды көрсөтүүгө, жаңы маселелерди чечүүгө, мамлекетке келечекте бул ишти стандартташтырууга жардам берүүгө жөндөмдүү болгонун далилдей алды. Муниципалдык деңгээлде социалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн эффективдүүлүгү жогорулаганын дагы бир көрсөткүч тастыктап турат: 11 муниципалитетте конкреттүү кызмат көрсөтүүгө муктаж болгон 2,5 миңден ашык адам (балдар жана ата-энелер, жаштар, карылар, мугалимдер жана окуучулар) аны күтүлгөн сапатта жана көлөмдө алышкан[1]. Ошол эле маалда МСЗ кире электе бул кызмат көрсөтүүгө жеткиликтүүлүк болгон эмес. Дагы бир мисал 2019-жылы Ленин ААда МСЗны жайылтуу практикасынан алынды. Бул аймакта МСЗнын жардамы менен өспүрүмдөр үчүн өзүн-өзү өнүктүрүү курстары уюштурулган. МСЗ киргизилгенге чейин бул кызмат көрсөтүү чектелүү болчу – балдар акы төлөп гана тил курстарына барышчу. Экономикалык себептерден улам элеттик өспүрүмдөрдүн көбү мындай курстарга катыша алчу эмес.

## КРда мамлекеттик социалдык заказды колдонууда экономикалык өңүттөгү таасири

Кызмат көрсөтүүнүн баасы киши башына санай келгенде азыраак чыгат. МСЗ мамлекеттик заказчынын социалдык кызмат көрсөтүүгө кеткен чыгымын азайтууга жана социалдык маселелерди чечүүгө көмөкчү болууда. МСЗнын алкагында бир алуучуга карата кызмат көрсөтүүнүн акысы азая түшөт. Себеби долбоорлордун КЭУ-аткаруучулары көп учурда кызмат көрсөтүүнү алуучулардын (бенефициарлардын) масштабын кеңейте алышат. Мамлекеттик программалардын алкагында алуучулардын масштабы 40% түзсө, муниципалдык программалардын алкагында бул масштабды 70 пайызга көбөйтүү мүмкүн.

Бирок МСЗнын мамлекеттик программаларынын алкагында аткарылган долбоорлордун арасында алуучулардын масштабын көбөйтпөгөндөрдүн үлүшү бир кыйла болду (40 пайыздын тегерегинде) жана алар айрым учурларда атүгүл пландалган көрсөткүчтөргө да жетпей калышкан.

Инфраструктурага кеткен чыгымдардын үнөмдөлүшү. МСЗ капиталдык чыгымдарды үнөмдөп, аларды натыйжалуу бөлүштүрүүгө шарт түзөт. Себеби заказчы инфраструктураны – имаратка, жабдууларга, ремонтко, коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө кеткен чыгымдарды тикелей каржылабайт. Муниципалдык же мамлекеттик мекемелерди ачканда бул чыгымдардын баарын смета боюнча мамлекеттик же муниципалдык орган каржылайт. Ал эми МСЗ болгон учурда чыгымдардын баары долбоорго жарым-жартылай гана кошулушу мүмкүн. Чыгымдар кызмат көрсөтүүнүн көлөмүнө шайкеш келген өлчөмдө болуп, адатта имаратты алууга, капиталдык ремонтко жана башкаларга чыгым талап кылынбайт.

Бирок мамлекеттик органдардын практикасында инфраструктураны каржылоого же көрсөтүлүп жаткан кызматты кошо каржылоого багытталган долбоорлор да кездешет. Мындай практикадан алыс болуш керек.

Ошондой эле кошумча чыгашалар да үнөмдөлүүдө. Бул чыгымдарды заказчы МСЗнын алкагында же төлөбөйт, же КЭУ-аткаруучу кошумча чыгашаларды долбоорлор ортосунда бөлүштүргөндүктөн кызмат көрсөтүүлөрдүн санына жараша кыйыр түрдө төлөйт.

Кошумча каржылоо тартылууда. МСЗны колдонуу башка, мамлекеттик эмес булактардан социалдык өнүгүү үчүн ресурстарды мобилдештирүүгө жол ачат. Айталы, муниципалдык МСЗ программаларынын алкагында коомдук пайдалуу долбоорлордун аткарылышы көрсөткөндөй, долбоорду аткаруу процессинде КЭУ тарткан кошумча каржылоо орточо 30 пайызды түзгөн.

Мамлекеттик органдардын буйрутмасы боюнча аткарылган долбоорлорду кошо каржылоо тууралуу маалыматтар жок. Бирок мындай каржылоо албетте бар. Болгону мамлекеттик заказчылар аларга тийиштүү түрдө каттоо жүргүзүшпөйт. Бирок бул эсеп өтө зарыл. Биринчиден, тигил же бул кызмат көрсөтүүнү уюштурууга жана жеткирүүгө кеткен реалдуу чыгымды баалоо үчүн, экинчиден, МСЗны колдонуунун натыйжасында канча мамлекеттик каражат үнөмдөлгөнүн эсептеп чыгуу үчүн керек. Бул болсо мамлекеттик социалдык саясаттын тигил же бул механизмин тандап алууда башкаруучулук чечимди кабыл алуу үчүн зарыл.

Эффективдүүлүк жана атаандаштык. МСЗ социалдык кызмат көрсөтүүгө жана социалдык маселелерди чечүүгө бөлүнгөн мамлекеттик финансы каражаттарын максатсыз жана натыйжасыз пайдалануу тобокелдигин азайтат; коррупциянын белгилерин кыскартат. Маалыматтар жетишсиз болгондуктан толук тыя-

[1] МСЗ жөнүндө Мыйзамдын эски редакциясы боюнча, GIZдин колдоосу менен МСЗны ишке ашыруунун мисалы.

нак чыгарууга азырынча эрте. Бирок 2020-жылы муниципалдык деңгээлдеги МСЗ программалары мамлекеттик органдар аткарган МСЗ программаларына караганда экономикалык жактан эффективдүү болгон. Айталы, муниципалдык деңгээлде КЭУ-аткаруучулар тарабынан долбоорлорду кошо каржылоонун көлөмү көбүрөөк болгон, кызмат көрсөтүүлөрдү алуучулардын масштабы кененирээк, ал эми жергиликтүү бюджеттеги каражаттарды үнөмдөө деңгээли жогору болуп чыккан. Бирок мамлекеттик заказчылар атаандаштык чөйрөсүн көбүрөөк түзүп жатышат.

Кызмат көрсөтүүлөрдү алуучуларга / бенефициарларга кыйыр түрүндө тийген позитивдүү таасирди бир нече көрсөткүчтөрдөн улам байкай алабыз: максаттуу топтордун кирешеси көбөйгөн, кызмат көрсөтүүлөрдү алган үй-бүлөлөрдүн экономикалык абалы жакшырган, убакытты өндүрүмдүү жумшоо көрсөткүчү жогору болгон. Айталы, 2019-2020-жылдары ЭСӨМдүн МСЗ Программасынын алкагында көрсөтүлгөн кызматты алуучулардын 43% алардын ишке орношуусуна оң таасирин тийгизгенин белгилеген; 50% коомдо адаптациялануусу жакшырганын айтышкан, мунун натыйжасында алардын киреше алуу мүмкүнчүлүгү да кеңейди.

Кызмат көрсөтүүлөрдү алуучулардын үй-бүлөлөрү да кыйыр түрүндө экономикалык натыйжага ээ болууда. Мисалы, күндүзгү борборго барган баланын үй-бүлөсү бери дегенде 1000 сом үнөмдөйт, себеби бул акча баланын тамактануусуна жумшалат. Ата-эне жана үй-бүлөнүн башка мүчөлөрү ишке чыгууга мүмкүнчүлүк алышат. Мисалы, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдар үчүн борбордун кызматын пайдаланган эне жеке көмөкчү чарбасында иштеп (бул алыскы аймактарда аялдар арасында кеңири жайылган иш), күнүнө кошумча 24 сом таба алат[1].

Жергиликтүү экономиканы өнүктүрүү үчүн шарттар кыйыр түрүндө оңолуп жатканы да байкалууда. Мисалы, селсаяктар жана жаштар менен иштөөгө багытталган долбоорлордун жыйынтыгында тартип бузуулардын саны, жергиликтүү жамаатта кылмыштуулуктун көрсөткүчү азайды. Бул болсо бизнестин өнүгүүсүнө, аны менен катар аймактын туристтик жагымдуулугуна да салым кошууда.

Сектор аралык өз ара аракеттенүүнүн эффективдүүлүгүн жогорулатуунун эсебинен чыгымдарды үнөмдөө. МСЗ боюнча жылдык каржылоосу 1 миллион сом көлөмүндө болгон, үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу боюнча бир гана борбор зомбулуктун эки учурун токтотуп калуу менен мамлекет үчүн бери дегенде 868 778 сом үнөмдөп берет. Ошентип, үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуунун сектор аралык багыты боюнча МСЗны колдонгон учурда мамлекеттик чыгымдар дээрлик 87 пайызга үнөмдөлөт. Балдар үйүнүн тарбиялануучуларынын өз алдынча жашоого адаптациялануусу: өзүнчө жашоонун ыңгайын таппаган балдар келечекте мамлекет үчүн бир топ көйгөй жаратары, мунун баасы адаптацияга кеткен чыгымдарга караганда 10 эсе көп болоору эсептелип чыкты[2]. Административдик чыгымдарды эсепке алып, бул маселе менен алектенген мамлекеттик органдардын (бери дегенде ЭСӨМ, Ички иштер министрлиги, Саламаттык сактоо министрлиги, прокуратура жана сот органдары) мекеме аралык өз ара аракеттенүү шарттарында бул маселени чечүүгө мамлекет 2 эсе[3] көп төлөйт. Эгерде бул маселе менен МСЗ аркылуу КЭУ алектенгенде  мамлекет эки эсе көп акча үнөмдөй алмак.

Экономика структурасында адамды кароо, багуу тармагы. Жумушчу орундарды түзүү чөйрөсүндө МСЗнын потенциалы мамлекеттик саясаттын алкагында бааланбай калууда. Мамлекеттик саясат экономиканын эмгекти көп талап кылуучу тармагында (мектеп жашына жете элек балдар, кароого муктаж адамдар үчүн социалдык кызмат көрсөтүүлөр) жумушчу орундарды түзүү мүмкүнчүлүгүн эсепке албай жатат. Бул тармак курулуш тармагына караганда көбүрөөк жумушчу орундарды түзүп бере алмак. Адамды кароо, багуу иши төлөнбөй жатат. Бирок бул Кыргызстандагы жумуштуулукта гендердик ажырымдын маанилүү булагы болуп жатат. Мында көрсөткүч 30 пайызды түзөт. Бул – Борбор Азиядагы эң жогорку көрсөткүч. БУУ-аялдар уюмунун буйрутмасы боюнча жасалган изилдөө көрсөткөндөй, Ички дүн өнүмүнөн 2 пайыз көлөмүндө мамлекеттик инвестициялар 77 000 түз жана кыйыр иш орундарын түзүүгө жол ачат (азыркы жумуштуулуктан 2,4%). Ошону менен катар аялдар жаңы иш орундарынын 72 пайызын ээлешет[4]. Адам багуу секторун кеңейтүүдөн түшкөн фискалдык киреше курулуш тармагын кеңейтүүдөн үч эсе көп болот. Жумушчу орундарды кеңейтүүнүн мультипликативдик натыйжасы да (балдарды мектепке жакшыраак даярдап алууга байланышкан кыйыр эффектисин айтпаганда деле) инвестициялардын узак мөөнөттүү, финансылык жактан туруктуу болушуна көмөктөшөт. Бул болсо өндүрүмдүүлүктү жана өсүштү жогорулатуунун эсебинен ишке ашат. Кыргыз Республикасында адам багуу тармагын уюштурууда МСЗ эң эле жөнөкөй форма болуп жатат, ал эми колдонуудагы мыйзамдардын көз карашынан алганда легитимдүү да болууда.

---

[1] “2014-жылы КРнын аймактары боюнча киреше” таблицасынын негизинде эсептелинди.

[2] “Балдардын социалдык мекемелердин тарбиялануучулары: реалдуулук жана мүмкүнчүлүктөр” аттуу тегерек стол талкуусунун материалдарынан алынды. Бул талкуу “Интернаттык типтеги мекемелердин бүтүрүүчүлөрүнүн укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо” Долбоорунун алкагында өттү. Уюштуруучулар – “Оэйсис” Коомдук кайрымдуулук фонду (ККФ) жана “Биздин үнүбүз” Коомдук бирикмеси (КК). Талкуу USAID жана DFID каржылаган Биргелешип башкаруу боюнча программанын алкагында уюштурулду. 2016-жылдын 21-июну, Бишкек.

[3] Шаардын экономика институтунун материалдары боюнча даярдалды. Сайтка шилтеме: http://www.urbaneconomics.ru/projects/?mat_id=42&page_id=262.

[4] INVESTING IN EARLY CHILDHOOD EDUCATION AND CARE IN KYRGYZ REPUBLIC:   An Assessment of Care Deficits, Costs and Impact on Employment, Gender Equality and Fiscal Returns, 2019

# МЫЙЗАМДАРДАГЫ ЖАҢЫЛЫКТАР

ӨСИнин коомчулук менен байланыш боюнча адиси
**Нургүл ЖАМАНКУЛОВА**

## Балдарга жана жаштарга ыңгайлуу шаар тууралуу

***КР Өкмөтүнүн 2020-жылдын 15-сентябрындагы №487 “Балдарга жана жаштарга ыңгайлуу шаар” конкурсун өткөрүүнүн тартиби жөнүндө убактылуу жобону бекитүү тууралуу” Токтому***

Балдар жана жаштар үчүн жагымдуу шарттарды түзүү боюнча шаарлардын (өсүү түйүндөрүнүн) ишине дем берүү максатында КР Өкмөтү “Балдарга жана жаштарга ыңгайлуу шаар” конкурсун өткөрүүнүн тартиби жөнүндө убактылуу жобону тиркемеге ылайык бекитти жана конкурстун байге фондун 6 000 000 (алты миллион) сом өлчөмүндө белгиледи. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жаштар иштери, дене тарбия жана спорт боюнча мамлекеттик агенттикке, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнө, Бишкек жана Ош шаарларынын мэрияларына (макулдашуу боюнча) 2020-2022-жылдары “Балдарга жана жаштарга ыңгайлуу шаар” конкурсун даярдоо жана өткөрүү боюнча уюштуруу иштерин жүргүзүү тапшырылды. Конкурстун катышуучуларынын арасына кошулгандардын тизмесинде 18 шаар бар. Алар: Балыкчы, Баткен, Бишкек, Жалал-Абад, Исфана, Кадамжай, Кара-Балта, Каракол, Кара-Көл, Кара-Суу, Кербен, Кочкор-Ата, Нарын, Ош, Талас, Таш-Көмүр, Токмок, Өзгөн. Токтом 2022-жылдын 31-августуна чейин күчүндө болот.

Конкурсту өткөрүү тартиби жөнүндө убактылуу жобо балдарга жана жаштарга ыңгайлуу шаар кандай болушу керектигин сүрөттөп, индикаторлор тобу жазган төмөнкүдөй критерийлерди белгилеген.

Жаштардын укугуна жана кызыкчылыгына тиешелүү чечимдерди кабыл алууга жаштардын катышуусу. Балдарга жана жаштарга ыңгайлуу шаар ар бир жаш жарандын анын жашоо-турмушуна тийиштүү маселелер боюнча чечимдерди кабыл алууга таасир этүүсүнө жана алар өз шаарынын кандай болуусун көргүсү келе тургандыгына карата өз пикирлерин айтуусуна кепилдик берет. Жаштар шаарды өнүктүрүү процесси кандай өтүп жаткандыгы тууралуу кабардар болууга, бул процесске тартылууга жана бул жаш адамдардын көз караштарын жана тажрыйбасын сыйлай тургандыгын, аларды өнөктөш жана инсан, бирдей тең укуктуу активдүү жарандар катары тааныша тургандыгын иш жүзүндө көрүүгө тийиш.

Жаштардын эс алуусу, маданияты жана өнүгүүсү үчүн шарттарды түзүү. Балдарга жана жаштарга ыңгайлуу шаар ар бир жаш жаранга шаардын маданий жашоосуна катышуу укугуна кепилдик берет. Жаштардын жетишүү жашыл зоналары жана эс алууну өткөрүүчү жайлары болушу керек.

Коопсуздук жана курчап турган ыңгайлуу чөйрө. Балдарга жана жаштарга ыңгайлуу шаар жаштар арасында кылмыштуулуктун жана укук бузуулардын деңгээлин азайтуу максатында калктуу конушта ушул көрүнүштү азайтуу боюнча максаттуу саясатты жүргүзөт. Ошондой эле калк, анын ичинде жаштар үчүн консультациялык-укуктук жардам берүү боюнча чараларды көрөт. Мындан тышкары шаар аракечтик, баңгилик, үй-бүлөлүк зомбулук, кыз ала качуу сыяктуу антисоциалдык көрүнүштөрдү азайтуу боюнча жаштар арасында алдын алуу иш-чараларын өткөрөт.

Билим берүү. Балдарга жана жаштарга ыңгайлуу шаар балдардын жана жаштардын сапаттуу билим алуу укугуна кепилдик берет. Жынысына, тилине, ишенимине, улуттук, этностук же социалдык абалына, мүлктүк жагдайына, ден соолугунун же кандайдыр бир башка жагдайына карабастан жаштар үзгүлтүксүз дене тарбиялык, интеллектуалдык, рухий, моралдык, психологиялык жана социалдык өнүгүү үчүн зарыл болгон сапаттуу билимди алышы керек.

Саламаттык сактоо. Балдарга жана жаштарга ыңгайлуу шаар ар бир жаш жарандын медициналык жактан тейлөөгө жетүү укугуна кепилдик берет. Жаш адамдар сапаттуу медициналык кызмат көрсөтүүлөрдү, ден соолукту сактоо үчүн зарыл болгон билимди, билгичтикти жана көндүмдү алууга тийиш.

Турмуштук оор жагдайда жардам берүү. Балдарга жана жаштарга ыңгайлуу шаар ар бир жаш жаранга турмуштук оор жагдайга кабылганда коргоо жана колдоо алуу укугуна кепилдик берет.

Өнүктүрүү саясат институту 2019-2020-жылдардын аралыгында конкурска катышкан шаарларга өтүнмөнү толтуруу боюнча консультацияларды өткөрүп, жаштар арасында онлайн-сурамжылоо

жүргүзүүгө жардам берди. Өтүнмөлөр тапшырылган учурда шаарлардын көбү жаштар менен иштөө чөйрөсүндө айрым жаңы ыкмаларды колдоно баштаган. Мисалы, мэрлер жана вице-мэрлер жаштар менен жолугушуу өткөрүштү. Бул жолугушуулардын натыйжасында 18 шаардын бийлиги иш-аракеттер планын даярдап чыгышты, анда балдардын жана жаштардын керектөөлөрү эсепке алынган.

Биринчи жолу 9 шаар балдарга жана жаштарга тиешелүү маселелерди чечүү үчүн КЭУнун катышуусу менен мамлекеттик социалдык заказ өңдүү жаңы аспапты колдоно баштады (буга чейин үч шаар МСЗны киргизген). Бул маселелерди чечүү үчүн шаардык бюджеттерден дээрлик эки миллион сом бөлүнгөн.

| Шаарлар | Сумма, сом менен | Темалар |
|---|---|---|
| Исфана | 50 000 | Бош убакытты өткөрүүгө балдарга жана жаштарга шарт түзүп берүү |
| Баткен | 100 000 | Шаардагы тазалыкты сактоо идеясын жайылтуу боюнча балдар жана жаштар менен иш алып баруу |
| Кадамжай | 50 000 | Жашы жете электер арасында токсикомания, аракечтик, тамеки чегүү көрүнүшү менен күрөшүү |
| Ош | 250 000 | Балдарга карата зомбулук менен күрөшүү |
| Кара-Суу | 150 000 | Өспүрүмдөр арасындагы кылмыштуулук менен күрөш |
| Жалал-Абад | 100 000 | Өспүрүмдөр арасындагы кылмыштуулук менен күрөш |
| Кочкор-Ата | 100 000 | Өспүрүмдөр арасындагы кылмыштуулук менен күрөш |
| Кара-Көл | 190 000 | Шаардагы тазалыкты сактоо идеясын жайылтуу боюнча балдар жана жаштар менен иш алып баруу |
| Кара-Балта | 150 000 | Оор турмуштук кырдаалда калган үй-бүлөлөргө жана балдарга колдоо көрсөтүү |
| | 50 000 | Балдарга жана жаштарга психологиялык жана юридикалык жардам көрсөтүү |
| | 100 000 | Ата-энеси таштап кеткен балдар жана зомбулуктан жабыркаган үй-бүлөлөр |
| Балыкчы | 350 000 | Оор турмуштук кырдаалда калган үй-бүлөлөргө жана балдарга колдоо көрсөтүү |
| Каракол | 250 000 | Ата-энеси миграцияга кеткен балдар |
| Нарын | 50 000 | Коомдук тартип боюнча жаштар менен иш алып баруу |
| Баары | | 1 940 000 |

# Квалификацияны жогорулатуу тууралуу

***КР Өкмөтүнүн 2020-жылдын 18-сентябрындагы №491 "Квалификациялардын улуттук алкагын жактыруу жөнүндө" Токтому.***

КР Өкмөтү Квалификациялардын улуттук алкагын жактырып, министрликтерге, мамлекеттик комитеттерге жана административдик мекемелерге Квалификациялардын улуттук алкагынан келип чыгуучу тиешелүү чараларды көрүүнү тапшырды.

Квалификациялардын улуттук алкагы (мындан ары – КУА) квалификациялардын тармактык же сектордук алкактарын, кесиптик стандарттарды иштеп чыгуу үчүн квалификациялардын деңгээлдеринин бирдиктүү шкаласын аныктайт. Ал квалификациялардын тармактар аралык салыштырылышын камсыздайт жана адистердин квалификацияларынын шайкеш келүүсүн ырастоо жана ыйгаруу системасы үчүн негиз болуп саналат.

КУА муниципалдык кызматчылардын квалификациясын жогорулатуунун мамлекеттик жана ведомстволук системасы үчүн, аны менен катар муниципалдык кызматчылардын квалификациясын жогорулатуу боюнча кызмат көрсөткөн уюмдар үчүн маанилүү.

КУА кошумча кесиптик билим берүүнү "кесиптерге карата квалификациялык талаптарга ылайык негизги кесиптик билим берүү программаларынын чегинен тышкары кесиптик билимге ээ адамдардын квалификациясын үзгүлтүксүз жогорулатууга жана кесиптик кайра даярдоого багытталган жана адамдардын ишкердик жана чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө, ошондой эле алардын маданий деңгээлин жогорулатууга көмөктөшүүчү билим берүү" катары аныктады;

КУА төмөнкү принциптерге негизделген:
1) жаранга өмүр бою билим берүү;
2) квалификациялар системасынын ачык-айкындуулугу жана ийкемдүүлүгү;
3) билим берүү траекториясын жекелештирүү.

КУА колдонуучулардын ар кандай топторуна (мамлекеттик органдарга, иш берүүчүлөргө, ишканаларга, билим берүү уюмдарына, жарандарга) арналган жана төмөнкүлөргө мүмкүндүк берет:
1) бирдиктүү методологиялык негизде кесиптик стандарттарды, билим берүү стандарттарын жана билим берүү программаларын иштеп чыгууга;

2) кесиптик жана билим берүү стандарттарын иштеп чыгууда адистерди жана окуу жайлардын бүтүрүүчүлөрүн квалификацияга жана компетенцияларга окутуунун натыйжаларына карата бирдиктүү позициядагы талаптарды баяндоого;
3) кесиптик билим берүүнүн бардык деңгээлдеринин бүтүрүүчүлөрүнүн квалификацияларын баалоо материалдарын жана аныктоо жол-жоболорун иштеп чыгууга.
4) эмгек рыногун жана билим берүү системасын өнүктүрүүнүн жалпы стратегиясын түзүүгө, анын ичинде конкреттүү квалификацияга ээ болууга, квалификациялык деңгээлин жогорулатууга, карьералык өсүүгө алып келүүчү билим берүүнүн ар кандай траекторияларын пландоого.

КУАда квалификациянын тогуз деңгээли аныкталган, алар улуттук жана регионалдык, эл аралык эмгек рыноктторунда жана улуттук билим берүү системасындагы өзгөрүүлөргө жараша кичи деңгээлдерди камтышы мүмкүн.

# Энергиянын кайра жаралуучу булактары тууралуу

***КР Өкмөтүнүн 2020-жылдын 30-октябрындагы №525 “Энергиянын кайра жаралуучу булактарын пайдалануу менен электр энергиясын иштеп чыгуу жана берүү боюнча иштиi жүзөгө ашыруунун шарттары жана тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу” Токтому***

Энергиянын кайра жаралуучу булактарын өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү максатында КР Өкмөтү Энергиянын кайра жаралуучу булактарын пайдалануу менен электр энергиясын иштеп чыгуу жана берүү боюнча иштиi жүзөгө ашыруунун шарттары жана тартиби жөнүндө жобону (мындан ары – ЭКБ) бекитти.

Жободо көрсөтүлгөндөй, ЭКБны пайдалануу менен энергетика чөйрөсүндө иштеп жаткан катышуучулар болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- энергетика чөйрөсүндөгү саясатты иштеп чыгуу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган;
- отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган;
- жер укук мамилелерин жөнгө салуу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары.

Ошондой эле Жободо айтылгандай, энергетика чөйрөсүндөгү саясатты иштеп чыгуу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган ЭКБ орнотмолорун куруу үчүн жер участогун бөлүп берүү тууралуу арыз менен укук мамилелерин жөнгө салуу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына кайрылууга укуктуу.

Жер укук мамилелерин жөнгө салуу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өз компетенцияларынын чегинде, Кыргыз Республикасынын жер мыйзамдарында белгиленген тартипте:

- ЭКБ орнотмолорун курууга алдын ала ТЭН менен бирге жер участогун берүү жөнүндө арызды карашат;
- Кыргыз Республикасынын жер мыйзамдарынын талаптарына ылайык ЭКБ орнотмолорун куруу үчүн жер участокторун беришет;
- ЭКБ орнотмолорун курууда иштиi уюштурууда жана ЭКБ субъектисинин ишине колдоо көрсөтүү үчүн коомчулук менен консультацияларды жүргүзүүдө ЭКБ субъектисине көмөк көрсөтүшөт.

Жобо ЖӨБ органдарынан жер участогун бөлүүдө кандайдыр бир өзгөчө тартипти колдонууну талап кылбайт жана бир кыйла кеңири көмөк көрсөтөт – ЭКБ субъекттерине колдоо чараларын аныктайт. Бирок бир нерсени түшүнүү зарыл: ЭКБ муниципалитеттин туруктуу өнүгүүсүнүн ажарагыс бөлүгү болуп саналат. Ошондуктан ЖӨБ органдары ЭКБны өнүктүрүүгө тиекелей кызыкдар жактардын катарына киришет. Мындан улам ЖӨБ органдары өз аймагында ЭКБ демилгелерине кылдат мамиле жасашы керек, мүмкүн болушунча ар тараптуу колдоо көрсөтүүгө тийиш. Мисалы, өзгөчө тартипте жер участокторун бөлүп берүү жолу менен колдоо көрсөтө алат. ЭКБ жергиликтүү өнүгүүнүн артыкчылыктуу багыты деп таанылган учурда жергиликтүү кеңеш жер бөлүп берүү тууралуу чечимди кабыл алса болот. Ошондой эле ЖӨБ органдары маалыматтык өнөктүктөрдү жана коомчулук менен консультацияларды өткөрүү жолу менен өз аймагында ЭКБ демилгелерин өнүктүрүүгө олуттуу колдоо көрсөтө алат. Мындай иш-аракеттер Жободо да түз көрсөтүлгөн.

# Коррупцияга каршы аракеттенүү тууралуу

***2020-жылдын 28-сентябрында КР Президентинин Жарлыгы менен 2021-2024-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү жана анын себептерин жоюу боюнча мамлекеттик стратегия (мындан ары – Стратегия) бекитилди***

Стратегия бардык мамлекеттик органдар жана ЖӨБ органдар, уюмдар жана мекемелер, мамлекеттик үлүшү бар компаниялар, саясий партиялар, жарандык коомдун институттары тарабынан ишке ашырылат. Коррупцияга каршы аракеттенүү стратегиясынын аналитикалык бөлүгүндө азыркыдай шарттарда коррупциянын келип чыгышына көмөктөшкөн эң актуалдуу себептердин тизмеси көрсөтүлгөн. Мисалы, алар:

- мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарын ээлеген адамдардын кирешелерине жана чыгашаларына начар контроль жүргүзүү;
- жаңы коррупциялык тобокелдиктерди өз учурунда аныктоого жана аларды ыкчам түрдө жоюуга мүмкүндүк берүүчү, коррупциянын деңгээлин өлчөөнүн улуттук системасынын жоктугу;
- мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарын ээлеген адамдардын эмгек акысынын төмөн өлчөмү жана кызматкерлердин айрым категорияларында кандайдыр бир социалдык жеңилдиктердин жана кепилдиктердин жоктугу;
- мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарын ээлеген адамдардын антикоррупциялык жана башка мыйзамдарды аткаруу боюнча начар аткаруучулук тартиби;
- кызматтык же коррупциялык кылмыштарды тергөөдө сот, көзөмөл жана укук коргоо органдарынын кызматкерлерин сатып алуу;
- укук коргоо жана башка мамлекеттик органдардын, ошондой эле ЖӨБ органдарынын ортосунда алардын чөйрөсүндөгү коррупциялык көрүнүштөрдү минималдаштыруу боюнча толук өз ара аракеттенүүсүнүн жоктугу.

Ведомстволук пландарды жана системалуу коррупцияны демонтаждоо боюнча пландарды иштеп чыгуу антикоррупциялык ишмердүүлүктү кыйла активдештирүүгө алып келди. Бирок азыркы учурга чейин бул пландардын мамлекеттик органдардагы коррупциянын абалына жана деңгээлине тийгизген таасирине баа берүүнүн методикасы иштелип чыккан эмес. Ушуга байланыштуу өлкөнүн мамлекеттик органдарда жана ЖӨБ органдарында коррупциянын деңгээлине баа берүүнүн улуттук методикасын түзүү зарылчылыгы келип чыгууда.

Жарандык сектор жана бизнес-коомчулук мурдагыдай эле антикоррупциялык иш-чараларды жана пландарды иштеп чыгуу, ишке ашыруу жана ишке ашырууга мониторинг жүргүзүү процессине пассивдүү тартылган.

Антикоррупциялык пландарды ишке ашыруу боюнча отчеттор айрым мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан системалык негизде ведомстволук сайттарда жарыяланбайт же болбосо андагы маалыматтар бардык эле учурда чындыкка туура келбейт.

КР Өкмөтүнүн чечими менен мамлекеттик органдарда жана ЖӨБ органдарында коррупцияны алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуулардын институту түзүлгөн. Бирок коррупцияны алдын алуу чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты ишке ашыруу боюнча мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин координациялоого, ошондой эле келип чыгуучу коррупциялык тобокелдиктерди пландуу аныктоого жана каршы аракеттенүүнүн ыкчам чараларын кабыл алууга алардын жетишсиз тартылгандыгын практика көрсөтүп турат.

Стратегиянын негизги принциптери төмөнкүлөр:

- мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарын ээлеген адамдардын кирешелеринин жана чыгашаларынын балансына байкоо жүргүзүү принциби. Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарын ээлеген адамдардын жана анын жакын туугандарынын кирешелеринин жана чыгашаларынын ортосундагы баланс жөнүндө эконометрикалык маалыматтарды топтоонун жана ага талдоо жүргүзүүнүн инструменттерин колдонуу. Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарын ээлеген адамдардын жана алардын жакын туугандарында алардын реалдуу кирешелерин жогорулатуучу жашоо деңгээлинин фактысын аныктоо антикоррупциялык текшерүү жүргүзүү үчүн негиз болуп калууга тийиш;
- коомдук көзөмөл. Коомчулук үчүн маалыматка жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу, мамлекеттик процесстердин ачыктыгы, мамлекеттик маалыматтын толук ачыктыгы жана жеткиликтүүлүгү;
- мамлекеттик кызматтын аброюн күчтөндүрүү. Айрым мамлекеттик функцияларды жеке секторго өткөрүп берүү жолу менен мамлекеттик аппаратты оптималдаштыруу жана кыскартуу, ошондой эле

айрым мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын штаттарын негизсиз көбөйтүүгө жол бербөө. Жашоонун жогорку деңгээлин камсыз кылуу үчүн бардык рангдагы мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарын ээлеген адамдардын эмгеги үчүн татыктуу сый акыны камсыз кылуу жана финансылык жүйөлөр коррупциялык мыйзам бузууларды жасоонун кызыктыруусун баасыздандыруу. Меритократия принцибинин негизинде мамлекеттик мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарын ээлеген адамдарга талаптарды көбөйтүү. Кесипкөйлүк деңгээлине жана эмгек тартибине талаптарды катуулатуу;

- мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын коррупциялык кызыгуу жаратуусун баасыздандыруу. Коррупциялык жана кызматтык мыйзамдык бузууларды жасагандыгы үчүн жазаны катуулатуу. Орун алган коррупциялык схемаларды легалдаштыруу.

Стратегиянын башкы максаты – коррупциянын келип чыгуусунун базалык жана системалуу себептерин жоюу аркылуу Кыргыз Республикасында коррупцияны минималдаштыруу; мамлекет тарабынан жүргүзүлүп жаткан антикоррупциялык саясаттын натыйжалуулугун жогорулатуу; өлкөнү санариптештирүү жана мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүнү автоматташтыруу процессин аягына чыгаруу (анын ичинде мамлекеттик органдардын жана ЖӨБ органдарынын ишине мониторинг жүргүзүү боюнча процесстерди автоматташтыруу, алар тарабынан чечимдерди кабыл алуу жана пландаштыруу); бул процесске мамлекеттик бийликтин, жарандык сектордун жана бизнес-коомчулуктун бардык институттарын тартуу; кандай болбосун коррупциялык көрүнүштөргө “нөлдүк толеранттуулук” атмосферасын түзүү; мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жогорку абройду камсыз кылуу.

Стратегияны ишке ашыруу планында ЖӨБ органдарына карата каралган чаралардын арасында төмөнкүлөр да бар:

- ЖӨБ органдарында системалуу коррупцияны демонтаждоо боюнча антикоррупциялык пландарды иштеп чыгуу жана алардын ишке ашырылышына туруктуу негизде мониторинг жүргүзүү;
- мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына калктын ишеними жөнүндө социологиялык сурамжылоо механизмин, санариптик инструменттерди колдонуу менен, эл аралык стандарттарга негизделген жана улуттук өзгөчөлүктөрдү, маданиятты жана менталитетти эске алуу менен өздүк индикаторлор системасы жана баалоо критерийлери менен коррупциянын деңгээлин аныктоочу улуттук системасын (КДАУС) түзүү;
- мамлекеттик органдар жана ЖӨБ органдар, жарандык коом институттары тарабынан мамлекеттик же муниципалдык кызмат ордун ээлеген адамдын БСДга чагылдырылган маалымат менен анын иш жүзүндөгү мүлктүк абалына, ошондой эле анын жакын туугандарынын мүлктүк абалына шайкеш келбестикти контролдоону күчөтүү, анын ичинде ири сатып алууларды (курулушту), өзгөчө ири сатып алуунун түшүнүгү башталган мүлктүн ар бир категориясынын (кыймылдуу жана кыймылсыз) чектик суммасын аныктоо менен контролдоо;
- мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарын ээлеген же ээлеп турган адамдар (FORM STI-155) тарабынан БСД формасын толтуруу учурунда “Түндүк” ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү системасы аркылуу мамлекеттик органдардан маалымат алуу менен кыймылдуу жана кыймылсыз мүлк бар экендиги жөнүндө маалыматты автоматтык түрдө толтурууга мүмкүндүк берүүчү программалык камсыздоону киргизүү;
- материалдык жооптуу жана/же техникалык персонал катары мамлекеттик органдарда жана ЖӨБ органдарында иштеген жактардын ортосундагы кызыкчылыктарынын кагылышуусун жөнгө салуунун типтүү тартибин бекитүү;
- ар бир мамлекеттик органдан жана ЖӨБ органынан мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды комплекстүү алуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу максатында бардык мамлекеттик каттоолорду жана маалыматтар базаларын борборлоштуруу жана автоматташтыруу;
- мамлекеттик органдардын жана ЖӨБ органдарынын финансылык каражаттарынын чыгымдарын бухгалтердик отчеттордо ачык чагылдыруу жана калк үчүн жеткиликтүү кылуу менен ал органдардын финансылык отчеттуулугунун ачык системасын түзүү;
- “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” КР Мыйзамында жана КР Эмгек кодексинде кызматтык кылмыш жасагандыгы үчүн кызматтан бошотулган адамдардын, анын ичинде коррупция, мамлекеттик жана/же муниципалдык менчикти уурдоо менен байланышкан кылмыштар үчүн, ишенимди жоготкондугу боюнча, ошондой эле көрсөтүлгөн категориядагы укук бузуулар үчүн жазык жоопкерчилигинен реабилитациялабоочу негиздер менен бошотулган мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарын ээлеген адамдардын жумушка кайра келүү, мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына орношуу мүмкүнчүлүгүн жоюу жолдорун мыйзамдуу түрдө бекитүү. M

# ӨНҮКТҮРҮҮ САЯСАТ ИНСТИТУТУНУН ЖАҢЫЛЫКТАРЫ

## Бишкек мэриясы жана "Өнүктүрүү саясат институту" коомдук бирикмеси (ӨСИ) да Глобалдык өнөктөштүккө кошулуп, Ачык өкмөт өнөктөштүгүнүн (OGP)[1] жаңы мүчөлөрү болуп калышты. Бул уюм ачык, инклюзивдүү жана өкмөттүн кеңири катышуусуна негизделген коомду түзүү үчүн өкмөттөрдүн жана жарандык коомдун лидерлеринин башын бириктирген уюм

[1] "Ачык Өкмөт" өнөктөштүгү (OGP) – ачык-айкындуулукту камсыз кылуу, жарандардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү, коррупция менен күрөшүү жана башкарууну күчтөндүрүү үчүн жаңы технологияларды колдонуу боюнча өкмөттөрдүн милдеттенмелерин ишке ашырууга багытталган көп тараптуу демилге. Толук маалымат алуу үчүн: http://ogp.el.kg

OGP Local (Жергиликтүү деңгээлде Ачык өкмөт) уюмунун жаңы мүчөсү катары Өнүктүрүү саясат институту Бишкек мэриясынын жергиликтүү жарандык коом уюмдары жана Ачык өкмөттүн башка мүчөлөрү менен иш алып баруусуна колдоо көрсөтөт. Бул иш ачык-айкындуулукка жетүүдө ачык өкмөт программасын жергиликтүү деңгээлде жайылтуу максатын көздөйт.

"Өнүктүрүү саясат институту (DPI) Кыргыз Республикасындагы жарандардын керектөөлөрүнө жооп берген реформаларды жүргүзүү үчүн жарандык коом менен өкмөттү кызматташтыгы маанилүү болгонун белгилейт. "Жергиликтүү деңгээлде Ачык өкмөт" демилгеси (OGP Local) бул максатка жетүү үчүн жакшы платформаны сунуш кылууда. OGP Local демилгесинин жаңы мүчөсү катары биз жергиликтүү кызыкдар жактар менен өнөктөштүктө бул багыттагы күч-аракеттерди активдештирүүгө, "Ачык өкмөт" Демилгесинин башка мүчөлөрүнүн тажрыйбасын өздөштүрүп алууга умтулабыз. Себеби ЖӨБ органдары менен жарандык коомдун, калктын ортосунда диалог түзүлмөйүнчө жергиликтүү маанидеги иштерди чечүү мүмкүн болбойт. Башкарууга байланышкан чечимдердин, ири долбоорлордун тагдыры, ар бир маанилүү социалдык-саясий иштердин ийгилиги, жалпысынан эле ЖӨБ органдары жүргүзүп жаткан саясаттын тагдыры калктын колдоосуна көз каранды. Кызмат көрсөтүүлөрдүн түрүнө карабастан, бул системаны өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүп берүү, анын ичинде жергиликтүү экономиканы өнүктүрүү аркылуу коммерциялык мүнөздөгү кызмат көрсөтүү үчүн шарт түзүү мамлекеттик органдардын да, ЖӨБ органдарынын да милдеттенмеси жана жоопкерчилиги болуп саналат. Себеби бул "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" Мыйзамга ылайык, жергиликтүү маанидеги маселеге кирет", – деп айтты ӨСИнин башкаруу төрайымы Надежда ДОБРЕЦОВА.

## Швейцария калдыктарды жок кылуу жана суу менен жабдуу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирүүчүлөрдүн банкроттугун алдын алууга жардам берип жатат

Ысык-Көл жана Жалал-Абад облустарындагы 34 муниципалитет жалпы суммасы 5 809 400 сомду түзгөн гранттык жардам алышты. Бул каражат Кыргызстандагы COVID-19 пандемиясынын айынан жабыркаган 26 жергиликтүү кызмат көрсөтүүчүгө берилет.

Бул жардам "Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу" долбоорунун алкагында берилип жатат. Аталган долбоорду Швейцария Өкмөтү каржылап, Хельветас Кыргызстан жана Өнүктүрүү саясат институту ишке ашырып келатат.

Гранттык жардам үч компоненттен турат:

- 4 100 000 сом – 26 жергиликтүү кызмат көрсөтүүчүгө финансылык колдоо;
- 439 400 сом – айыл өкмөттөргө жана кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирүүчүлөргө СИЗ сатып алууга жардам берүү;
- 1 270 000 сом – маалыматтык өнөктүк өткөрүүдө айыл өкмөттөрүнө жардам берүү.

Кызмат көрсөтүүчүлөргө бөлүнгөн акча каражаты, аларга субсидия түрүндө жергиликтүү бюджет аркылуу берилет. Бул субсидиялар COVID-19 кризисинен улам келип чыккан оор экономикалык абалга байланыштуу, 2020-жылдын II-III кварталдарында келип чыккан чыгымдардын ордун толтурууга багытталган компенсацияны камтыйт. Аталган каржылык колдоо жергиликтүү кызмат көрсөтүүчүлөрдүн (таштандыларды чогултуу, ичүүчү суу менен камсыз кылуу) көрсөтүлгөн мез-





гил ичинде тарткан чыгашаларын жана шашылыш төлөмдөрүн жабууга жумшалат.

Айыл өкмөттүн кызматкерлеринин жана айыл аймагындагы кызмат көрсөтүүчүлөрдүн коронавирустук инфекциясынан сактануусу жана аны алдын алуу максатында Долбоор тарабынан 260 жеке коргонуу каражат (СИЗ) сатылып алынды, анын ичинде: атайын коргоочу костюмдар (бир нече жолу колдонулат), коргоочу көз айнектер, бет калкан, ошондой эле үч катмардуу медициналык беткаптар алынган.

Ошондой эле Долбоор COVID-19 илдетинин жайылуусун алдын алуу чаралары катары вирустан коргонуу боюнча иш-чараларды жана жергиликтүү коммуналдык кызматтардын коронавирустун жайылуусун токтотуудагы иш-аракеттеринин маа-ниси жөнүндө калкка маалымдоо максатында түшүндүрүү иштерин жүргүзүүсү үчүн каражат бөлдү. Мындан тышкары долбоор жарандарды көрсөтүлгөн кызматтар үчүн акыны өз убагында төлөөгө үндөп, социалдык жоопкерчиликке чакыруу-да. Бул болсо өз кезегинде жеткирүүчүлөрдүн туруктуулугуна жана кызмат көрсөтүүнүн улануусуна шарт түзөт.

Швейцария Өкмөтү тарабынан берилген гранттык жардам эки облустун максаттуу ЖӨБ органдарына жергиликтүү кызмат көрсөтүүчүлөргө колдоо көрсөтүү менен бирге алардын банкроттугун (кудретсиздигин) алдын алууга жана кызматтардын үзгүлтүксүз улануусуна көмөк көрсөтүүдө.

## Кызыл-Адырдагы (Талас облусу) жаштардын инновациялык лабораториясы

Талас облусунун Кара-Буура аймагындагы Кызыл-Адыр айылындагы Манас орто мектебинде инновациялык лабораториянын ачылышы болду. Бул лаборатория Кара-Буура аймагынын жаштары үчүн түзүлгөн жер. Бул жерде алар чогулуп, жаңы билимге жана көндүмдөргө ээ болуп, өз жамаатынын көйгөйлөрүн чечүүнүн үстүнөн иштешет. Жаңы, ыңгайлуу жана коопсуз чөйрөдө жаштар үчүн көйгөйлөрдү талкуулап, түрдүү ийримдерди өткөрүп, социалдык демилгелерди киргизүү аркылуу өз айылынын көйгөйлөрүн чечүү мүмкүнчүлүгү пайда болду.

Кара-Буура аймагынын балдары жана жаштары өз колу менен тарткан сүрөттөрдүн көргөзмөсү инновациялык лабораториянын базасында өткөн биринчи символикалык иш-чара болуп калды. Сүрөттөр конкурсунун максаты – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана кеңири коомчулуктун көңүлүн балдар менен жаштарга таасирин тийгизип жаткан жамааттагы маселелерге, ошондой эле муниципалитеттердин деңгээлинде жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө катышуу боюнча аларда активдүү позицияны өркүндөтүү. “Жамааттагы көйгөйлөр балдардын жана жаштардын көзү менен” аттуу конкурстун темасы балдардын жана жаштардын жамааттагы ролуна жана алар жергиликтүү жамааттын бөлүгү болуу менен туш болгон көйгөйлөргө көз карашын билдирүүгө үндөйт. Конкурстун калыстар тобуна жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, мектептердин, долбоорлордун өкүлдөрү кирди. Калыстар тобу өзгөчө кызыктуу эмгектерди тандап





алып, инновациялык лаборатория ачылган күнү мыкты эмгектердин авторлору баалуу байгелер менен сыйланды.

Мындан тышкары келечекте бул лабораториялардын базасында жамааттын көйгөйлөрүн чечүүгө багытталган жаштардын демилгелерин (социалдык долбоорлорун) ишке ашыруу боюнча иштер жасалат. Кара-Буура аймагынын жаштар командасы өспүрүмдөрдөн турат. Алар бардык зарыл материалдарды алышып, социалдык көйгөйлөрдү чечүүгө инновациялык ыкмаларды колдонууга даяр турушат. Социалдык көйгөйлөрдүн арасында балдарга карата зомбулук, окуучулардын таза сууга жете алуусу жана экология, таштанды көйгөйлөрү бар. Кара-Буура аймагындагы жаштар командалары бул маселелерди чечүү үчүн түрдүү ыкмаларды сунуштап жатышат.

Жаштар командаларынын идеялары өз айылындагы түрдүү көйгөйлөрдү чечүүгө багытталган.

Кызыл-Адыр айылында инновациялык лабораториянын ачылышы жана көптөгөн жаштардын демилгелерин каржылоо “Балдарга жана жаштарга ыңгайлуу Кыргызстан” демилгесининин арты менен мүмкүн болду. Бул демилгени Өнүктүрүү саясат институту БУУнун Балдар фонду (ЮНИСЕФ) менен биргеликте ишке ашырып келатат. Долбоорго финансылык колдоону БУУнун Тынчтыкты орнотуу фонду (ТОФ) берет.

## Кызыл-Кыядагы (Баткен облусу) жаштардын инновациялык лабораториясы



Кызыл-Кыя шаарынын жаштарында чогулуп, жаңы көндүмдөргө жана билимге ээ болуп, өз жамаатынын көйгөйлөрүн чечүүнүн үстүнөн иштөөгө мүмкүнчүлүк түзүлдү. Мунун баары инновациялык лабораториянын ичинде мүмкүн болот. Лаборатория шаардагы жаштар борборунун базасында түзүлдү. Эми жаштарда социалдык демилгелерди киргизүү аркылуу көндүмдөрдү өнүктүрүү үчүн мүмкүнчүлүк пайда болду. Алар эми өз жамааттарындагы балдарга жана жаштарга таасирин тийгизип жаткан көйгөйлөрдү чече алышат. Бул ошондой эле өспүрүмдөрдүн чыгармачыл ой жүгүртүүсүнө да көмөкчү болот. Өспүрүмдөр социалдык демилгелердин алкагында иштеп чыккан чечимдер учурдагы көйгөйлөрдү чечүүгө да, өспүрүмдөрдү мектепти бүтүрүп, өз алдынча жашоого да даярдайт.

Өз жамаатынын көйгөйлөрүн чечүүгө багытталган жаштар демилгелерин (социалдык долбоорлорду) ишке ашыруу процесси башталууда. Өспүрүмдөр кесипти тандоо, окуучулардын гигиенасы, өспүрүмдөрдүн спорттук даярдыгы, балдарга карата психологиялык жана күч колдонулган зомбулук, өспүрүмдөр менен ата-энелердин, камкорчулардын мамилеси, окуучулар арасындагы буллинг, ошондой эле экология жана таза сууга жеткиликтүүлүк өңдүү көйгөйлөрдү чечүүнүн креативдүү жолдорун сунуш кылышты. Бул демилгелерди ишке ашыруу үчүн өспүрүмдөр БУУнун Балдар фондунан (ЮНИСЕФ) колдоо табышты. Долбоорго финансылык колдоону БУУнун Тынчтыкты орнотуу фонду (ТОФ) берет.

Ачык инновациялык лабораториянын алкагында 7 жаштан 17 жашка чейинки курактагы балдар жана өспүрүмдөр сүрөттөрдө көйгөйлөрдү гана чагылдырбастан, ошону менен бирге аларды чечүү жолдорун сунуш кылып, кыялдарын жана үмүттөрүн визуалдаштыра алышты. Мунун баары инновациялык лабораториянын ачылышына карата өткөрүлгөн көргөзмөнүн арты менен мүмкүн болду. Көргөзмө “Жамааттагы көйгөйлөр балдардын жана жаштардын көзү менен” аттуу темада плакаттардын конкурсунун жыйынтыгы боюнча өттү. Калыстар тобу тандап алган мыкты эмгектердин авторлору баалуу байгелер менен сыйланышты.

Кызыл-Кыя шаардык билим берүү бөлүмүнүн директору Дамира МАТОСМОНОВА: “Жаштар кары адамдардан бир нерсе менен айырмаланат. Бул – жаш курагы. Сиз канчалык жаш болсоңуз, колуңуздагы мүмкүнчүлүктөр да ошончолук көбүрөөк болот. Демек жаш жаран улуу муунга караганда жаңычыл ой жүгүрткөн, ааламдын же мамлекеттин келечеги үчүн жоопкерчилик ала алган адам болушу шарт. Кызыл-Кыя шаарында бүгүн ачылып жаткан инновациялык лабораторияда жамаатынын көйгөйлөрүн чечүүгө багытталган жаштардын демилгелерин ишке ашыруу боюнча жумуштарды жасоо үчүн кошумча шарттар түзүлдү деп айтсак болот”.

“Лаборатория ачылганга чейин шаар жаштары үчүн мындай диалог аянтчасы болгон эмес. Мындай борбор шаар жаштары үчүн абдан зарыл болчу. Инновациялык лабораторияда ар кандай тренингдерди, ийримдерди жана курстарды өткөрө алабыз. Жергиликтүү жаштардын кызыкчылыгы абдан зор экендигин баса белгилеп кетким келет”, – деп айтты жаштар борборунун төрагасы Чыңгыз КУРБАНАЛИЕВ.